# ҮЛГҮЛҮҮ КООМ

**Которгон:**

Алманбетова Элза, КИУнун ага окутуучусу

**Текшерген:**

Ниязов Бакытбек, КИУнун проректору

**Үлгүлүү коом**. – Б.: 2020 – 77 б.

Китеп Кыргызстан мусулмандар дини башкармасы тарабынан текшерилип, тастыкталган № 34 02_06_2020-жыл.

# Мадина коомунун түптөлүүсү жана анын пайгамбарыбыздын доорунда өнүккөн учуру

Автору: Абдулазиз ибн Ибрахим Ал-Умри
(Эр-Рияд шаарындагы Мухаммад бин Сауд атындагы Ислам университетинде пайгамбардын өмүр баяны дисциплинасынан сабак берген)

**Ырайымдуу жана Мээримдүү Аллахтын аты менен**

**«Аллах силердин араңардан ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандарга, өздөрүнөн мурунку элдерди орун басар[1] кылгандай эле жер жүзүндө силерди да (Өзүнө) орунбасар кылууну убада кылды. Ошентип, алар үчүн (Аллах) Өзү ыраазы болгон динин бекем орнотуп, аларга коркунучтан кийин**

---

[1] Аллах Таала жердеги жан-жаныбарлардын ичинен өзгөчө акылдуу кылып жаратып жана ошого жараша өзгөчө жоопкерчилик да жүктөгөн.

**бейпилдикти алмаштырып берди[2]. (Анткени) алар Мага сыйынышат; Мага эч кимди (жана эч нерсени) шерик кылышпайт. Ким мына ушундан кийин (Аллахка) каршы чыкса[3], мына ошолор – бузукулар»[4].**

[2] Кооптуу мезгилдин артынан бейпил заман жиберди.
[3] Каапырлык кылса
[4] Нур сүрөсү, 55-аят

## Киришүү

Аллахка мактоолор жана Анын элчисине, үй-бүлөсүнө, сахабаларына, ошондой эле аны ээрчигендерге тынчтык болсун!

Аллахтын элчисинин (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өмүр баяны жөнүндө көптөгөн китептерди окудум жана бир топ эмгектерди жаздым.

Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) келүүсүнүн эң негизги максаты – адамзатка камкор болуу, коомдук жашоосун түптөө, биримдикти жана адилеттүүлүктү орнотуу болгон. Анткени, Аллах Ыйык Куранда пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) жөнүндө: **«Биз сени бүткүл ааламдарга мээрим катары жөнөттүк»[5], –** деп айткан**.**

Ырайым деген сөз – бейпил жашоону жана жашоонун шарттарын жеңилдетүүнү, ага кошумча түбөлүк жашоодо бактылуу болууну түшүндүрөт.

---

[5] Анбия сүрөсү, 107-аят

Бул жөнүндө пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өмүр баянынан тыянак чыгарып, «Аллахтын элчиси – пайгамбарлардын мөөрү» деген китеп жаздым. Бул темада ар кандай илимий конференцияларда баяндама кылып, акыркы изилдөөлөрүмдүн жыйындысы катары «Мадина коомунун түптөлүшү жана анын пайгамбарыбыздын доорунда өнүгүүсү» деген аталыштагы эмгекти сунуштоону туура көрдүм.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) мусулмандарга эркин, адилеттүү, татыктуу жашоонун, ошондой эле тынч жашоону каалаган мусулман эместер менен жуурулушуп, коомчулукта укук жана милдеттерди иш жүзүнө ашырганын дагы эң мыкты сүрөттө чагылдыра алды.

Жараткан Аллахка бекем ыйманыбыз менен кайтуубузду жана биздин амалдарыбызды кабыл алуусун, Мухаммаддын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) үммөтүн санын арттырып, сапатын жакшыртуусун тилеймин!

## Сөз башы

Граждандык коом концепциясына аныктама берүүдө ар кандай аргументтер бар. Бул түшүнүктүн эң башкысы – мыйзам аркылуу жөнгө салынган, мамлекет бийлигинин астында жашаган коом. Ар бир адам өзүнүн жеке жашоосуна дайыма кам көрөт. Ошол эле учурда адамзатына көптөгөн пайда алып келүү үчүн коомчулукка жана аны түптөөгө кам көргөн адамдар да жок эмес.

«Маданият» деген түшүнүк шаарга тийиштүү эмеспи?! Анткени, андан «шаар» жана «урбанизация» деген терминдер чыккан. Булар маданияттын белгиси. Анткени, шаар адамдарды тартипке жана жоопкерчиликке чакырат.

Аллахтын элчиси адамдарды Аллахтын жалгыздыгына жана Ага ибадат кылууга чакырган. Мамлекетте тынчтык жана адилеттүүлүктү орнотууда ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Аллахтын мыйзамдарын колдонду. Меккеде үгүт иштери жүргүзүлгөн убактан баштап эле, ал (Ага

Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) сахабаларга жакынкы арада исламдын Араб чөлкөмү эле эмес, адам кадамы жеткенчелик жайылышын кабарлаган. Ислам чакырыгы башталган мезгилде Мекке жана анын айланасындагы айыл жерлеринде ар түрдүү адилетсиз өкүмдөр, үрп-адаттар кеңири жайылган болчу. Бул өкүмдөр атайын бир мыйзамга, уюшкан топко жана адилеттүү сот чечимине байланыштуу болгон эмес.

Имам Газали ооруканада жатып: «Ислам Аллахтын пенделерине карата адилеттүүлүгүн сактап, өзүнүн адилеттүүлүгү, ырайымы, тең укуктуулугу, эң алгач керектүү беш нерсе менен келди», – деп баяндаган. Шатыби дагы: «Ислам ар бир иште жакшылык кылуу, граждандык коомдун өнүккөндүгү жана бекемдигин кабар берген ички жана сырткы саясаты менен келди», – деп айткан.

Мекке шаарына ислам негиздерин жайылтууда Аллахтын элчисине кыйынчылык туулганда, ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзүнө

көмөктөш боло турган урууларды, санаалаштарды издей баштаган. Тактап айтканда, ошол кезде душмандардан аны коргой алган коомду түзүүдө ага жардам бере тургандарды издеп, өзү туурасында урууларга ачык айтып баштаган.

Аллахтын жардамы менен пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) издеген коомду ажылык мезгилинде Медина элинин арасынан тапты. Алар пайгамбарыбызды (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) угуп, ага ишеним көрсөтүп, анын чакырыгына, мусулман коомчулугунун келечектеги мамлекети катары өздөрүнүн мекени – Мединаны – сунуштап, ал үчүн талап кылынган бар аракетин жумшап, көмөк көрсөтүүсүн билдиришти.

Меккеде адилетсиздикке кабылган сахабаларга пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) бул кыйынчылыктар жакында бүтөөрүн жана адилетсиздик тыйылып, адилеттүүлүк Меккеде гана эмес, башка жактарда дагы орнолоорун кабарлаган. Хаббаб ибн Арт (Аллах андан ыраазы

болсун!) башына жеткен кыйынчылыктардан улам пайгамбарга (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) келип, душмандарына каршы пайгамбарыбыздан (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) дуа кылуусун суранган учурда, пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Аллахтын аты менен касам ичем, Аллах сөзсүз бул динди толугу менен жыйынтыктайт жана аны башкалардан жогору кылат. Бир дагы адам койлоруbecause карышкыр тийди деп кыжаалат болбой калат жана ар бир мусапыр Санадан Хадрамутка Аллахтан башка эч кимден коркпостон көздөгөн жерине тынч жетип алат»*, – деп айткан.

Аллахтын убадасы менен исламдын жеңиши, мусулмандардын башкаруусу жана мүмкүнчүлүктөрүнүн кенейип, туруктуулук орноосу мүмкүн экендиги билинди. Бул Жараткан Аллахтын сөзүндө ачык чагылдырылат: **«Аллах силердин араңардан ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандарга, өздөрүнөн мурунку элдерди орун**

**басар кылгандай эле жер жүзүндө силерди да (Өзүнө) орунбасар кылууну убада кылды. Ошентип, алар үчүн (Аллах) Өзү ыраазы болгон динин бекем орнотуп, аларга коркунучтан кийин бейпилдикти алмаштырып берди . (Анткени) алар Мага сыйынышат; Мага эч кимди (жана эч нерсени) шерик кылышпайт. Ким мына ушундан кийин (Аллахка) каршы чыкса , мына ошолор – бузукулар»[6].**

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) орноткон ислам негиздери бүткүл дүйнөлүк, анын катарында ошол доордо Персиядагы Кесар, Римдеги Кайзер сыяктуу заманбап саясий тутумдарды мураска алаарын толук түшүнгөн. Жабир ибн Самарах жеткирген хадисте пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Киср жерин мусулман жамааты басып алат»,* – деген. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинага бастырып келген

---

[6] Нур сүрөсү, 55-аят

душмандан калкалануу максатында аңгекти казып жатып, керкиси менен уруп: *«Аллах улук! Мага Шамдын ачкычтары берилди, чынында мен азыр анын сарайларын көрүп турам»*, – деп сүйүнчүлөгөн. Андан кийин үчүнчү жолу уруп: *«Аллах улук! Йемендин ачкычтары мага берилди. Аллахтын аты менен ант ичем, мен ушул ордуман Сананын дарбазаларын көрүп турам»*, – деп айтты.

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзүнүн сахабаларына Исламды ар кайсыл жердин булуң-бурчуна өзүнүн коомдук, диний, башкаруучулук жана саясий тутуму менен жеткирүүгө тарбиялаган.

Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) чакырыктын башында адамдарда адилеттүүлүктү жана бир укуктуулукту түзүү менен биргеликте, гуманитардык системага таянууга аракет кылган. Ал ислам мамлекетинде пайгамбарчылык жана элчилик сыймыгы менен кошо жогорку башкаруу кызматын ээлеген. Сахабаларын адилеттүү башкарууга

жана Аллахтын жалгыздыгын даңазалап, мыйзамдуулук-тартипти орнотууга даярдаган.

## Мединанын конституциясы (жана жарандык коомду уюштуруу)

Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адамдын укугу, анын жаралган асылдыгы жана коопсуздугу каралган адилеттүү адам коомун куруу үчүн жөнөтүлгөн. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адамдарга акыйкат дин менен келген. Жараткан Аллах айтты: **«Кимде-ким Исламдан башканы дин катары тутунса, анын дини кабыл кылынбайт. Ал Акыретте зыянга учуроочулардан»**[7].

Ошону менен бирге алардын исламды кабыл алууга же баш тартууга тандоосу бар болгон. Эч ким башка бир адамды ислам динин кабыл алууга мажбурлаган эмес. Жараткан Аллах айтты: «**Динде**

---

[7] Аалу Имран сүрөсү, 85-аят

**зордоо жок. Чындыгында, тууралык менен азгырыктын ажырымы айкын болду. Кимде-ким бутпарастыктан баш тартып, Аллахка ыйман келтирсе, ошондо ал (эч качан) кыйрабас бекем таянычка ээ болот. Аллах – Угуучу, Билүүчү!**»[8]

Демек, исламдын акыйкаты жеткенден кийин, адамдарга дин эркиндиги берилген. Анткени, туруктуулук, адамдардын өмүрүнүн коопсуздугу, бири-бирине адилеттүү мамиле жасоо, жарандын укугун коргоо – бул баарына керектүү болчу. Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мединага көчүп келген мезгилде, мусулмандардын саны жөөттөргө жана мушриктерге караганда өтө эле аз болгон. Пагамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) андагы араб уруулары жана жөөттөр менен тил табышканга аракет кылган. Мусулмандар менен Мединада жашаган башка коом өкүлдөрүнүн ортосунда адам укугун коргоого жана мекенин душмандан чогуу коргоп, коопсуз жашоо сүрүү үчүн

[8] Бакара сүрөсү, 256-аят

келишим түзгөн. Ушул келишим кагазы кийинчерээк «Медина конституциясы» деп аталып калган.

Бул келишим кагазы (же болбосо «бирдиктүү келишим») пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) хижратынын башында жазуу түрүндө түзүлгөн. Бул келишимден сырткары, мусулмандар бир тараптан, жөөттөр жана Мединанын башка жашоочулары экинчи тараптан түзүлгөн дагы да башка көптөгөн келишим кагаздары болгон деп айтылат. Жадакалса жалпы макулдашуу-келишимдер биринчи түзүлгөн «Конституция» келишимин эч качан жокко чыгарган эмес жана карама-каршы дагы келген эмес.

«Тынчтык келишими жана ынтымактуу коңшулук мамилелерин түзүү» келишиминин максаты: биргеликте ынтымакта жашоого, душмандарга көмөк көрсөтпөөгө, Мединага кол салгандарга же анын коопсуздугуна коркунуч туудурган тараптарга каршы туруу эле.

Бул келишимди кабыл алуу – Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!)

түптөгөн системаны иш жүзүнө ашыруу эле. Мындан сырткары коомчулуктун коопсуздугун жоопкерчиликке алуу менен бардык шаар тургундарын коргоо, эч кимисинин дин тутуму тебеленбөөсү жана басмырлоого алынбоосу эске алынган. Баса белгилеп кете турган нерсе, алгачкы жылдары Мединага чоң коркунучтар келген, анткени Меккенин мушриктери бир коркунучтун үстүнө дагы бир топ коркунучтарды туудурушкан.

Бул келишимде жөөттөр жана Мединадагы башка жашоочулар менен мусулмандардын ортосун бөлүү сыяктуу мыйзамдар болгон эмес. Алар чогуу жашоо сүрүүнүн шарттарын бузмайынча, ар бир Медина жашоочусу жалпы социалдык тынчтык жана дин эркиндигине укугу бар бирдиктүү граждандык коом болуп эсептелинген.

Медина конституциясы – адилеттүү системанын үлгүсү. Мамлекетти башкарууда таяна турган социалдык жоопкерчиликтин жана жазуу түрүндөгү мыйзам булагы болгон. Медина конституциясы жалпы

коопсуздукту камсыздоо, бирдиктүү башкаруу жана социалдык жоопкерчилик милдети менен чогуу дин эркиндигин жарыялаган азыркы заманбап мамлекеттердин негиздери менен окшош болгон. Бул конституция Медина коомун түптөп, динибиздин талаюы болгон адамдык сапаттардын калыптануусунда баштапкы иш-аракеттер болуп берди.

## Медина жана Медина коомунун өнүгүшү

Ислам – биринчи кезекте Аллахтын мыйзамдарына баш ийип, Ага эч ким, эч нерсени шерик катары кошпой, Жаратуучу жалгыз экендигин калыптандыруу максатында келген. Исламдын милдети – адамзатты жаңы аруулук даражасына көтөрүү, башкаруу системасын жана жашоо тиричиликти бекемдөө, адам коомун өнүктүрүү, деңгээлин көтөрүү. Ошондой эле кыйрап жок болуудан, жетишпестиктен, жаратылышты жана чөйрөнү булгабай, жалпы терс көрүнүштөрдү эмгекке алмаштыруу, гуманизмге жана адамзатын жакшы көрүүгө негизделген. Мадина шаары ушул жаңы түрдөгү коомдун өрнөгү болгон, анткени пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Жараткандын амири менен бул маселени ар түрдүү мыйзамдардын негизинде өзү орнотуп, коомдун маданият жана өнүккөн жашоосун калыптандырып, аны ишке ашыруу боюнча ири ишти аркалаган. Ошол себептен бардык жашоочулар мурдагыдай кайгыга батып, башка бирөөлөргө

таянгандын ордуна толугу менен ишке берилип, максималдуу пайдалуу болууга аракет кылышкан. А бул болсо, Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) көчүп барган соң такыр өзгөрүп, жакшы жакка оңолгондугу Мединанын үлгүсүндө даана көрүнүп турат. Бул иштин башаты кээ бир руханий жана моралдык нерселерде болгон. Алардын бири:

**Мединанын аталышы**

Исламдан мурда Мадина араптардын арасында «Ясриб» деген ат менен таанымал эле. Анын мааниси «уяткаруу» же «зекүү» болчу. Бул аталыш Ыйык Куранда да эскерилген: «**Ошол убакта алардын бир бөлүгү: “Эй, Ясирибдиктер! Эми силерге турууга болбойт. Дароо кайткыла”, – десе, дагы бир бөлүгү Пайгамбардан: “Үйлөрүбүз кароосуз ээн калган болчу”, – деп уруксат сурашты. Чындыгында, алардын үйлөрү кароосуз ээн калган эмес болчу, алар (согуштан) качууну ойлошкон)**»**[9].**

---

[9] Ахзаб сүрөсү, 13-аят

Пайгамбарга (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) бул аталыш жакпагандыктан, ал аны Мадина деп өзгөртүүгө буйруду. Бул: «отурукташып калуу», цивилизация, маданият жана туруктуу жашоо, маданият – деген түшүндүрмөлөрдү өз ичине камтыган. Тактап айтканда, шаарга жана шаар тургундарына таандык болгон бардык маанилерге ээ эле. Ал эми Мадина шаары Куранда төрт жолу аталат, анад Жараткан Аллах айтты:

**«Силердин айланаңарда көчмөн арабдардан эки жүздүүлөрү да бар. Ошондой эле Мединалыктардан да эки жүздүүлүкө чумкуп киргендери бар. Аларды сен билбейсиң, Биз билебиз. Аларды эки эсе катуу азапка кабылтабыз. Андан кийин алар андан да чоң азапка салынат»[10].**

**«Мединалыктардын жана алардын айланасындагы көчмөн арабдардын Алланын элчисинен артта калуусу, анын жанынан өз жандарын артык көрүүсү – жарабаган иш. Анткени**

[10] Тауба сүрөсү, 101-аят

**алар Аллах жолунда чөлгө дуушар болушуп, чаңкашса, чарчашса, ач калышса, каапырларды ызаландыра турган бир жерден өтсө жана душманды жеңсе, аларга ошол себептүү гана жакшы амал жазылат. Аллах – жакшы иш кылгандардын сообун текке кетирбейт»[11].**

**«Эгер мунафыктар, жүрөктөрүндө дарты болгондор жана Мединада жалган жалаа тараткандар тыйылбаса, албетте, сени аларга үстөмдүү кылып коебуз. Ошондо алар сага бир азга гана каршы чыга алат»[12].**

**«Алар: “Эгер биз шаарга кайра кайтып барсак, анда алдуу-күчтүүлөр алсыздарды ал жерден айдап чыгат”, – деп айтышат. Негизи, ызат-урмат Аллахка, Анын пайгамбары жана момундарга гана. Бирок, эки жүздүүлөр аны билишпейт»[13].**

Андан сырткары Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинаны дагы

---

[11] Тауба сүрөсү, 120-аят
[12] Ахзаб сүрөсү, 60-аят
[13] Мунафикун сүрөсү, 8-аят

башка аттар менен атаган. Мисалы: Таба (Кооз), Тайиба (ыйык), Мубаарак (берекелүү), Мушаррафа (сыйланган), Дарул-ийман (ыйман ордосу), Хасына (чеп). Бул аттардын баары шаар үчүн кооз аталыштардан болуп, оң жана жакшы мүнөздү да камтыган.

**Мадинага болгон сүйүү жана «Ыйык (харам[14])» статусун ыйгаруу**

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинага «Харам» деген статус бергиси келген. Ал күнөө кылууга болбой турган арам чектерди аныктап, ушул ой боюнча Аллахка: *«Ибрахим Меккени күнөө кылуудан алыс боло турган шаар кылып, Аллахтан ал жердин жашоочуларына дуа кылаар эле. Эки талаанын ортосундагы Мадинанын аймагы мен себептүү ыйык болду»*, – деп жалбарды. Ал дагы Аллахка жалбарып: *«Оо, Аллах, бизди Мадинаны Меккени жакшы көргөндөй, балким андан дагы көбүрөөк жакшы көрүүбүздү насип кыл»*, – деп дуа

[14] Ыйык, о.э. кээ бир иш-прекеттер арам деген мааниде

кылаар эле. Бир жайды жакшы көрүү адамды ага камкор болууга жана сактаганга, ал орунга аны бекем байлаарына шек жок.

Мындан сырткары, пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) шаардын жаратылышын жана табигий чөйрөнү сактоо үчүн чыгарган өкүмдөр жана мыйзамдардан сырткары, анын кезектеги сөздөрү келет: *«Ибрахим Меккени күнөө иш кылуудан оолак боло турган шаарлардан кылды. Мен болсо эки талаанын ортосундагы Мадинанын аймагын ыйык жана күнөөдөн оолак боло турган жай деп жарыялаймын. Өсүмдүктөр үзүлбөй, айбандары коркутулбай, жоголгон буюмдар ордунан алынбашы керек. Эгер жоголгон мал-байлыктын ээси изделип жатса гана, ал буюмдарды алууга уруксат берилиши мүмкүн. Мындан сырткары, бир адам болсо да, ал аймакка куралчан кирүүгө тыюу салынат. Дарак-өсүмдүктөрүн, бир гана айбандарды тоюндуруу максатта кыйганга уруксат берилет»*. Жогоруда айтылган мыйзамдардын баары Мадинанын

экологиясын жана жаратылышын сактап калууга жардам берди.

Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинада мурдатан бери жашап келгендерди, шаар конокторун жана көчүп келгендерди көп мактаган. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Чындыгында, (кооптуу учурда) жылан өзүнүн уясына кайтып келгендей, ыйман дагы Мадинага кайра келет»,* – деп айтты.

«Мадина алар үчүн эң жакшы экенин билишсе», деген сыяктуу хадистер имам Муслимдин эмгектеринде келтирилет. Мадинанын берекеге толгону туурасында имам Бухари дагы баяндаган көптөгөн хадистер бар: *«Ибрахим Меккены ыйык деп жарыялады жана анын тургундары үчүн Аллахтан береке сурады. Мен болсо, Ибрахим Меккени ыйык деп жарыялагандай, Мадинаны ыйык деп жарыяладым. Аллахтан анын муддасын, саъын Ибрахим Меккеликтерге сурагандай мен дагы береке сурадым»*. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Оо, Аллах! Биз Меккени жакшы*

*көргөндөй Мадинаны дагы жакшы көрүүнү жана андан дагы көп жакшы көрүүнү насип кыл! Оо, Аллах! Бизге мудда жана саъбызга береке бергин! Аба ырайын мелүүн кыл!»*, – деп дуа кылды.

## Пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) мечитин куруу

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинага келээри менен эле алгач аткара турган иштердин бири: келечектеги мечиттин ордун аныктоо болду. Пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) төөсү азыркы мезгилдеги мечиттин ордуна чөгөлөдү. Ошол жерде эң биринчи мусулмандар намаз окушкан. Ал жердин ээси Асъад ибн Зурарынын карамагында болгон Сахль жана Сухайль аттуу эки жетим бала болгон. Аталган жай курмаларды жайып, кургата турган жер эле. Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) төөсү ошол жерге чөккөндө: *«Бул, Аллах каалаcа, токтой турган жер болот»*, - деди.

Андан кийин пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) эки жетим балдарды чакырып, курма кургата турган жерди мечит куруу үчүн сатып алууну сунуштады. Бирок алар: «Биз аны сизге белек кылдык», - деп айтышканда, пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) ал белектен баш тартып, сатып алууга бекем турду. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Аллахка гана ибадат кылуу үчүн сапаттуу жана жакшы мечит курууга өтө кылдат маани койгон. Ошондуктан эки жетимдин, деги эле адамдардын мал-мүлкүнөн алуудан баш тартты. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) белек-бечкектерди кабыл алып жүрсө дагы, бул ирет кабыл алган жок. Керек болсо, пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) ал жерди өзүнүн акчасына сатып алууну чечти. Аталган жерди баалап, толук акчасын эки жетимге берди. Ошентип бул мечит ислам тарыхындагы эң биринчи вакф болуп эсептелинет. Аны негиздөөчү

Мустафа (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзү болгон. Мечит Хайбар согушунан кийин экинчи ирет кайрадан кеңейтилип курулган.

Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) доорундагы эң алгачкы чек аралар азыркы маалга чейин бар. Учурда ал чек аралар жашыл сызыктар менен чийилген. Анда «мечиттин биринчи чек арасы ушул» деп ачык-айкын жазылган. Мечитти зыярат кылган ар бир адам аны өз көзү менен көрүп, жазууларды окуй алат.

## Мадинанын демографиялык өнүгүшү

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадина калкынын жана мусулмандардын санын көбөйтүү үчүн болгон күчүн жумшаган. Ошондуктан Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) да, мусулмандар да Мадинага көчүп келгенден кийинки мухажирлердин ичинен биринчи төрөлгөн балага абдан кубанышты.

Имам Бухаринин хадисинде Абу Бакрдын кызы Асмадан (Аллах алардан ыраазы болсун!): «Абдуллох ибн Зубайр боюмда бар эле, төрөлүү убагы көчүп жаткан мезгилге туура келди. Мадинага келгенимде, мен Кубада токтоп, аны төрөдүм. Андан кийин ымыркайды алып, пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) тизесине койдум. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) курма алып келүүсүн буйруп, аны чайнап, оозундагы курманы баланын оозуна салды. Ошентип баланын оозуна эң алгач кирген нерсе бул пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) шилекейи болду. Андан соң пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) ошол чайналган курманы баланын таңдайына сүйкөдү. Анан Аллахка ал үчүн дуа кылды. Бул бала исламда төрөлгөн туңгуч балдардын бири болду», – деп айтып берди.

Мындан сырткары, мусулмандардын санынын көбөйүшүнө, аларды туура тарбиялоо жана даярдоо боюнча пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана

тынчтыгы болсун!) буйруктары келе баштады. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): «Өзүңөр сүйгөн жана төрөй алган аялдарга үйлөнгүлө! Албетте, мен силердин көптүгүңөр менен башка үммөттүн алдында сыймыктанам», – деп айтты.

Андан кийин мусулмандар өз балдарына камкор болууга, аларды сактоону кабарлаган аяттар түшүрүлдү. Ал аяттарда Жараткан Аллах балдар өз ырыскысы менен чогуу төрөлөөрүн дагы бир ирет тактады: «**Кедейликтен коркуп өз балдарыңарды өлтүрбөгүлө. Анткени, аларга да, силерге да ырыскыны Биз беребиз. Акыйкатта, аларды өлтүрүү чоң күнөө**»[15].

Эң биринчи калкты каттоо Ислам тарыхында Аллахтын элчисинин (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) доорунда болгон. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): «Мага Исламды кабыл алгандардын санын жазып бергиле», – деп айтканы келтирилет. Хузайфа ибн Яман (Аллах

[15] Исра сүрөсү, 31-аят

андан ыраазы болсун!) айтты: «Биз ага 1500 адамды жазып бердик». Бул нерсе, Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адамдардын ресурсуна болгон маселеде өтө чоң маани берип, адамдардын ар бирине шыгына карай багыт берүүсүнө далил.

Баарына белгилүү далил – Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адамдарды Мадинага көчүп келүүгө үндөгөн. Ошону менен биргеликте шаар ичинде стабилдүүлүк болуусуна, шаар өзүнүн чегинен жана рамкаларынан чыкпоо үчүн дагы катуу көңүл бурган. Эгер ал нерсеге көңүл бурулбаса, анда шаарга кыйынчылык туудурмак жана шаар иштерин жүргүзүүдө дагы оор болмок. Мадинадагы калкка жаман таасирин тийгизмек. Ошондуктан кээ бир уруулар Исламды кабыл алган мезгилде, алар толугу менен Мадинага көчүп келүүнү ниет кылышкан, бирок пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) аларды өз жерлеринде, шаарларында, үйлөрүндө кала берүүлөрүн,

бири-биринен үйрөнүп, анын буйругу келээри менен аткарууга даяр болууну гана буйруган.

Ал эми Меккени багындырып алгандан кийин көчүү такыр эле токтогон. Бул Мадинада жана башка шаарларда дагы белгилүү баланстын пайда болуусун түшүндүрөт.

Калктты Мадинанын райондоруна бөлүштүрүү дагы чоң рольду ойногон. Ошондуктан пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзүнүн мечитин куруп бүткөндөн кийин, ансарлар мечиттин артыкчылыгын жана анын ичинде намаз окуунун сообун билээр замат ансарлардын ичинен Бану Саляма уруусу шаардын четинде жайгашкан өздөрүнүн үйлөрүн калтырып, пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) мечитине жакын көчүп келүүнү каалашты. Бирок Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) алардын мындай чечимин жана умтулуусун колдогон жок. Анастын (Аллах андан ыраазы болсун!) хадисинде келтирилгендей: «Бану Салама үйлөрүн мечитке жакын

көчүрүп келүүлөрүн каалашкан, бирок пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) аны колдогон жок. Анткени, ал шаардын четтерин жылаңачтоону каалаган эмес. *«Чындыгында, силердин кадамыңар жазылып жатат, көчүүнү токтоткула!»*, – деп буйруган.

## Руханий өнүгүү

Калкктын сапаттуу курамына жана моралына жетиштүү көңүл бурбастан санын көбөйтүүгө умтулуунун баалуулугу жана пайдасы жок. Ошондуктан Аллахтын элчиси ар бир мусулман өзүнүн башка адамдардан өзгөчөлөп турган артыкчылыгын, бой көтөрбөй жана текеберленбестен түшүнүүгө тарбиялаган. Анткени мындай түшүнүк Жараткан Аллахка карата момундук жана баш ийүүчүлүккө, мусулмандарга жумшак жана урматтоо менен мамиле кылууга, бардык жер бетиндегилерге мээримдүү болууга алып келет. Албетте, мунун баары адамдын моралдык рухун тарбиялоону жана бардык коом мүчөсүнүн рухун бекемдөөнү талап кылат. Эң алгачкы

жашоосундагы кадамында адам өзүнө ишенүүнү, анын психологиялык абалы туурасында, жадакалса башка адамдар атап кайрыла турган атына да камкөрүү эле. Бул учурда баса белгилеп кете турган нерсе, Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адамдарга жана жерлерге да эң мыкты аттарды коюуга аракет кылган. Жаман же уккулуксуз ысымдарды, кулакка жагымдуу болгон ысымдарга алмаштырууга аракет кылган. Жаңы төрөлгөн ымыркайлардын көпчүлүгүнүн ысымын коюу жөрөлгөлөрүнө өзү катышкан. Үлгү катарында: Али ибн Толибтин балдары Абдулла ибн Зубейр, Хасан жана Хусейндер (Аллах алардан ыраазы болсун!) жана Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинага көчүп келгенден кийинки бардык жаңы төрөлгөн балдар мисал боло алат.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) мурда эле коюлуп калган ысымдарды, алардын ичинде кээ бир сахабалардын аттарын да өзгөрткөн. Бир эркек кишинин аты Жуайль

болчу, ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) аны Умар деп өзгөрттү.

Жаш уландарга кошумча дем жана жакшы маанай тартуулоо үчүн пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) дагы бир ыкмасы: аларга эң жакшы, кооз, сүйүүктүү жана уккулуктуу ысым, лакап жана куньялар менен кайрылуу эле. Кичинекей балдарды: «Оо, балам!» деп чакырып, кооз лакап берген. Мисалы: Анас ибн Маликтин (Аллах андан ыраазы болсун!) кичүү инисин: «Абу Умейр» деп кайрылган.

Ал эми жалпы Мухаммад пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) үммөтүн алганда, Жараткан Аллах алар жөнүндө мындай деп айткан: **«(Жалпы) адамзат үчүн жиберилген жакшы коом болдуңар»[16].** Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзүнүн үммөтүн бири-бирин жана бүткүл адамдарды жакшы көрүүнү, бардык тирүү жандыктарга ырайым кылууну үйрөттү.

---

[16] Аалу Имран сүрөсү, 110-аят

## Илимий өнүгүү

Курандын түшүшү менен Исламдын доору башталды. Аллахтын Өзүнүн сабатсыз элчисине түшүргөн биринчи аяттар билим жана жазуу туурасында насыят эле. Жараткан Аллах айтты: **«Оку! Жараткан Эгеңдин аты менен, Инсанды Ал уюган кандан жараткан. Оку! Сенин Эгең абдан айкөл – Ызааттуу. Ал (инсанга) калем менен жазууну үйрөткөн. (Ал) инсанга анын билбеген нерселерин үйрөткөн».**[17] Ал учурда арабдар маданият борборунда билим жаатында түркөйлүгү, сабатсыздыгы, ырым-жырымдар жана жомоктору менен белгилүү болгон.

Мадинада Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) элдерди билимге жана окууга жигердүү үндөгөн. Акыйкатта, анын чакырыгы Мадина калкына жана илимий өнүгүүгө өтө чоң таасирин тийгизген. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) уюштурган чогулуштун баары илимге арналган.

[17] Алак сүрөсү, 1-5-аяттар

Сахабалар Жараткан Аллахтын: **«Оо, ыймандуулар! Качан силерге: “Жыйналышта орун бергиле”, – делинсе орун бергиле, Аллах силерге Бейиштен (орун) берет. А качан: “Тургула!” – деп айтылса, тургула! Аллах силерди араңардагы ыймандуулардын жана илим берилгендердин даражаларын көтөрөт. Аллах силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар»[18], –** деген сөзүн дайыма окушкан**.**

Имам Бухари өзүнүн «Илимдер китеби» деп атаган жыйнагында, илимге тиешелүү болгон хадистерди жана Жараткан Аллахтын сөздөрүн 53 бапта келтирген. Мисалы, Аллахтын сөзү: «**Ал – (Аллахка) моюн сунуп, түн ичинде сажда кылган жана тик турган абалда (намаз окуп), акыреттен коркуп, Эгесинин ырайымынан үмүт кылган адам сыяктуу боло алмак беле? (Эй, Мухаммед!) Аларга: «Билгендер менен билбегендер тең боло алабы?», – деп айт. Чындыгында, акыл ээлери гана (Курандан)**

---

[18] Мужадала сүрөсү, 11-аят

**насаат алат»**[19] же Жараткан Аллахтын сөзү: **«Алар сенден рух жөнүндө сурашат. “Рух Эгеме таандык иштерден. Силерге азыраак гана илим берилген”, – деп айт»**[20], же **«Адамдардан, курт-кумурскалардан жана ири жандыктардан түрдүү түстөгүлөрү да ушундай эле (бир мисал эмес бекен?) Чындыгында, пенделеримдин билимдүүлөрү Аллахтан коркушат. Ырасында, Аллах – Ызааттуу, Кечиримдүү!»**[21]

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Эки нерседе гана кызганыч болот. Жараткан Аллах адамга байлык берип, ал адам аны туура сарптаса жана Жараткан Аллах бир адамга акылмандык берип, ал аны колдонууну билип, башкаларды ага үйрөтсө»,* – деген. Буга кошумча Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) билим алып жаткандарды башка адамдарга дагы илим үйрөтүүнүн буйруган. Мисалы пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана

[19] Зумар сүрөсү, 9-аят
[20] Исра сүрөсү, 85-аят
[21] Фатир сүрөсү, 28-аят

тынчтыгы болсун!) Абдуль Кайс урuусунун элчилигине өз элин өздөрү үйрөтүүсүнө кызыктырган жана аларга: *«Үй-бүлөңөргө кайткыла жана аларга үйрөткүлө!»,* – деп айткан.

Мадинада эң биринчи эле кат таануу, мектептерде окуу, жазууну үйрөнүү сыяктуу билим тармагы жөөттөрдүн колунда топтолгон. Алар иврит жана араб тилин жазууну билишкен. Жөөттөрдүн колунан жазууну жана окууну кээ бир Аус жана Хазраж урууларынын өкүлдөрү үйрөнгөн.

Хижрат кыла электен мурда эле мусулмандар кат жазуунун баалуулугун билишти. Бул нерсеге түрткүү болгон: Фатима бинт Хаттаб (Умардын карындашы) өзүнүн күйөсү Саид ибн Зайд жана Хаббаб ибн Аарат менен чогуу алдыларында жаткан кагаздан Таха сүрөсүн окуп жатканда, кокус Умар ибн Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун!) кирип келип, алардын исламды кабыл алганына күбө болгон окуя болгон. Мындан сырткары, Ибада ибн Самит Ахл Суффага окуу жана жазууну үйрөткөн.

Бадр согушунан кийин туткунга түшкөн мушриктердин арасында окууну жана жазууну жакшы билгендер бар эле. Алар туткундуктан бошонуу үчүн акчалары жок болгондуктан, Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) бул учурда мындай чечим чыгарды: эгер ар бири Мадинадагы 10 жаш баланы окууну жана жазууну үйрөтсө туткундуктан бошотулуп, эркиндик берилет. Ушул келишимдин негизинде жазууну жана окууну ансарлардан болгон бир топ жаш балдар тобу үйрөндү.

Пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) доорунда эле башталган Куран менен хадистерди жазууну каалоо, балким Мадина тургундарынын көпчүлүгү кат жазууну мыкты билгендердин эң биринчилеринен болгону үчүн болушу мүмкүн. Бул нерсе пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) катчыларына да тиешелүү, анткени алар ага бүткүл элдин башчыларына жана падышаларына кат жазууга жардам беришкен. Алардын саны кийин 60 адамга чейин жеткен.

Адамдардын жана башка дин өкүлдөрүнүн укугун сактоонун маанилүүлүгү, келишим түзүү жана макулдашуунун зарылдыгы өнүгүүнүн жана жазуунун жайылуусуна дем болду. Буга Курандагы эң узун аят көрсөтмө боло алат. Ал «милдет жөнүндө аят» деген аталыш менен дагы белгилүү: **«Оо, ыйман келтиргендер! Белгилүү бир мөөнөткө бири-бириңерден карыз алсаңар (берсеңер), аны жазып койгула! Анан да ортоңордо бир катчы адилеттүүлүк менен жазсын. Катчы Аллахтын ага үйрөтүүсү боюнча жазуудан баш тартпасын»[22].**

Белгилүү болгондой эле, пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) учурунда кээ бир аялдар дагы жазууну мыкты билишкен жана башка аялдарга аны үйрөтүшкөн. Балким ал нерсе Аллахтын элчисинин насыяты болсо керек. Анткени, Аллахтын элчиси исламды кабыл алып, башка мусулмандар менен чогуу Мадинага көчүп келген Курайш тукумунан Бану Адди уруусунан Шифа бинт

[22] Бакара сүрөсү, 282-аят

Абдуллахка: «Хафсага жарадан арылта турган дарыңды, ага жазууну үйрөткөндөй үйрөтүп кой» – деген хадиси далил. Мындан сырткары, башка мугалим айымдар болгон. Алар пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) доорунда Мадина шаарында көптөгөн адамдарга окууну жана жазууну үйрөтүшкөн. Ыйык Куранда жана Пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) сүннөтүндө илим-билимге үндөөлөр бир гана эркектерге эмес, аялдарга дагы тиешелүү экенин анык билебиз. Билимге чакыруу жынысына, жашына жана социалдык абалына карабастан, мусулман коомунун бардык адамдарына тиешелүү болгон. Балким Мадинага пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) көчүп бара электен мурда катчылардын саны жана алардын кийинки 4 жылдан бери санынын көбөйүшү, бизге пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) көчүп баргандан кийинки кылган таасиринен улам жазуунун өнүгүүсүнүн масштабын

туура түшүнүүнү берет. Чынында катчылардын саны үч же төрт эсе өстү.

Ошону менен биргеликте биз жогоруда айтып кеткендей, пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) сабатсыздыгы, Жараткан Аллах берген керемет жана феномен болгон: **«Сен ага чейин эч кандай китепти окуган жоксуң жана аны өз колуң менен жазган да эмессиң. Эгер антпегенде муну болбогон нерсе деп жаткандар (катуу) шектенишмек»[23].**

## Социалдык өнүгүү

Мадина коому Аллахтын элчиси көчүп бара электен мурда, кадимки ага окшогон толтура коом сыяктуу эле түркөй араб коому болгон. Аларды ырым-жырымдар жана уруу салт-санаалар башкарган. Алардын кээ бири гана жакшы жана жактырылган жөрөлгөлөр болуп эсептелинген. Аллахтын элчиси кайсыл жерге жайгашпасын, ал жер дайыма бийик кулк-

[23] Анкабут сүрөсү, 48-аят

мүнөз жана мактоого татыктуу сапаттарга толуп турган. Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинага көчүп бараары менен анын социалдык жашоосу жана шаардын деңгээли заматта өзгөрдү.

Бул өзгөрүүлөр адамдардын социалдык биригүүсүнө, өздөрүнүн жоопкерчилигин түшүнүүгө, кайыр-садаканы таратууга, муктаж жана кедей-кембагалдарга боорукер болууга, мухажирлер менен ансарлардын ортосундагы социалдык тилектешти колдоо сыяктуу жөнөкөй муктаж мусулмандардын арасында дагы таасирин тийгизди. Ал эми ислам динин тутунбаган адамдарга карата жакшылыктар жана садакалар пайда боло баштады. Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) башка адамдарга жакшылык кылуу жана башкаларга көз каранды болуудан бошонууга айткан осуяттары менен бекемделген.

Коомдун социалдык жана адеп-ахлагынын бузулушуна алып келген көрүнүштөр менен

пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) күрөшкөн. Эң биринчи кезекте зына кылуу, Ислам аны кескин түрдө тыюу салган жана ал үчүн чоң жаза колдонгон. Зынакорлук - бул эң негизги жана баштапкы социалдык бузукулуктун себеби, коомду бузуу, адеп-ахлактыкты жоготуу, намысты жана ак атын жоготуу, кан аралашуу, психологиялык оорулардын жайылышына себеп болот. Андан сырткары коомдогу зынакорлук социалдык жана моралдык жоопкерчиликтин жоктугуна, үй-бүлөлөрдүн бузулушуна жана бир туугандар менен кол үзүүгө алып келет. Бул нерседе Жараткан Аллах катуу, бирок адилеттүү болду. Ал айтты: **«Уяттуу жерлерин сакташат, жубайлары менен күндөрүнөн башкалардан; булар үчүн алар жемеге алынбайт»[24].**

Мындан сырткары, Ислам эки жубайга тең белгилүү укуктарды берди, бири-бирин урматтоого жана никеде сүйүү, ырайым жана бирдиктүү жакшылык кылууга буйруган. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы

[24] Муминун сүрөсү, 5-6-аяттар

жана тынчтыгы болсун!) Жараткан Аллахтын бул осуяттарын өз аялдарына карата колдонуп, бул маселеде бардык мусулмандарга тирүү үлгү болгон.

Арак жана спирт ичимдиктери бардык коомго эң чоң балээ болгон. Арабдарда шарап - даңктын, сыймыктын, ар намыстын булагы эле. Ошондой болгону менен ал өтө көп көйгөйлөрдү алып келген. Ислам акырындап, ырааттуу түрдө шарапты тыйды. Бул жаман амалдарды (зына жана спирт ичимдиктерди), жер бетиндеги эң чоң күнөөлөрдүн катарына киргизди. Зынакорлукту жана ичимдиктерди арам кылгандан баштап, көп адамдардын журум-турумдары түп тамырынан өзгөрдү.

Ислам дайыма социалдык байланыштарды бекемдөө үчүн күрөшкөн. Жараткан Аллахка жакындоонун эң чоң жолдорунун бири, бир туугандык байланышты жана мамилени колдоо. Ислам мусулмандарга өз туугандарын зыярат кылууга, аларга карата жакшы жана такыба иш-аракеттерди кылууга, керектүү сарптоолорду жана чыгашаларды кылууга

буйруган. Ушундай кылуу менен аларга Аллахты жалгыздоого жана адилеттүүлүккө тең келген сыйлык менен сыйланаарына сөз берген. Жараткан Аллах айтты: **«Чындыгында, Аллах – адилеттүүлүктү, жакшылыкты жана тууган-урукка кайрымдуу болууну буюруп, уятсыздыктан, каапырлыктан жана чектен ашуудан тыят. Аллах силерге (ушундайча) насыят берет. Балким түшүнөөрсүңөр»[25].**

Ислам ата-энелерге жакшы мамиле жасоону мыйзамдуу түрдө орнотулган милдет кылды. Бул амал Жараткан Аллахка баш ийүү жана Ага жакындоо менен салыштырылат. Жараткан Аллах айтты: **«Эгең силерге Анын Өзүнөн башка эч кимге сыйынбоону жана ата-энеңерге жакшылык кылууну буйруду. Эгер алардын бирөө же экөө тең карылык куракка жетсе, аларга: “Уф-ф!” - дебе, зекибе! Жылуу-жумшак сөз сүйлө!»[26]**

[25] Нахл сүрөсү, 90-аят

[26] Исра сүрөсү, 23-аят

Кошуналарга жакшы мамиле кылуу дагы мыйзамдуу түрдө бекемделген мусулмандын милдети болуп саналат. Жараткан Аллах айтты: **«Аллахка табынгыла жана Ага эч кимди шерик кылбагыла! Ата-энеңерге, туугандарыңарга, жетимдерге, кедейлерге, жакын тууган коңшуларга жана тууган эмес кошунага, кесиптеш жолдошко, жолоочуга жана сенин кол алдыңдагыларга жакшылык кылгыла! Акыйкатта, Аллах текебер жана мактанчаактарды сүйбөйт»[27].**

Ислам бардык мусулман коомунун жакшылыктын жана такыбалыктын негизинде бири-бирине жардам берүүнү, жалпы социалдык сыпаты катарында жасаган. Жараткан Аллах айтты: **«Оо, момундар! Аллахтын белгилерине, ыйык айга, курбандыктарга жана моюндарына тагылган белгилерине, Эгесин ыраазылыгын жана жакшылыгын үмүт кылып, ыйык үйгө келүүчү ажыларга сыйлабастык кылбагыла. Качан гана**

[27] Ниса сүрөсү, 36-аят

**ихрамдан чыксаңар, аңчылык кылгыла. Силерди Харам Мечитинен тоскон элдин жек көрүүсү силерди чектен ашууга түртпөсүн, жакшылыкта, такыбалыкта бири-бириңерге көмөктөшкүлө. Ал эми жамандыкта жана душмандыкта көмөктөшпөгүлө! Аллахтан корккула, чындыгында, Аллах – каттуу азаптоочу!».**[28]

Бул буйруктар жана амалдар мусулмандарды бириктирүүгө жана социалдык биригүүгө, пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) көчүп баргандан кийин Мадинадагы коомду оңдоого, бул коомдун алга жылуусуна жана өнүгүүсүнө, эл арасында бири-бирине камкор болууну жаюуга жана бири-бирин кечирүүгө багытталган. Жараткан Аллах айтты: **«Аларга зулумдук жетсе, жеңишке ээ болушат. Жамандыктын жазасы ал сыяктуу эле жамандык. Ким кечирсе жана жарашса, анын сыйлыгы Аллахка таандык. Анткени, ал**

[28] Маида сүрөсү, 2-аят

**адилетсиздерди сүйбөйт»[29].** Адеп-ахлактуулук, өз ара жакшы мамилелешүү жана түркөйлүктөн баш тартуу жөнүндө өтө көптөгөн насааттар жана кеңештер дагы булардын катарына кирет. Жараткан Аллах айтты: **«Мээримдүүнүн пенделери жер үстүндө тынч абалда жүрүшөт жана аларга наадандар тил тийгизсе: "Тынчтык (каалайм)!" – дешет».[30]** Жараткан Аллах дагы айтты: **«Алар жалганга күбө болушпайт жана пайдасыз сөздөрдү сүйлөп жаткандардын жанынан наркы менен өтүп кетишет».[31]**

Жараткан Аллах мусулмандарга зарыл болгон мезгилде жамандык менен жакшылыкча күрөшүүгө буйруган: **«Жакшылык менен жамандык тең эмес. Жамандыкты жакшылык аркылуу жойгун. Ошентсең, сени менен анын ортосунда душмандык болгон адам да өтө жакын достой болуп кетет»[32].** Жеке адам жана жалпы коом үчүн бийик ахлакты эң

[29] Шуура сүрөсү, 39-40-аяттар
[30] Фуркан сүрөсү, 63-аят
[31] Фуркан сүрөсү, 72-аят
[32] Фуссилат сүрөсү, 34-аят

негизги максат катары орнотту. Жараткан Аллах айтты: **«Оо, ыймандуулар! Бир эл экинчи (башка) бир элди шылдыңдабасын: (Анткени) балким, алар тигилерден мыктыраактыр; ошондой эле аялдар да башка бир аялдарды шылдың кылышпасын: мүмкүн тигилер беркилерден мыктыраак. Өзүңөрдү (бири-бириңерди) жемелебегиле! Бири-бириңди жакпаган аттар менен атабагыла! Ыйманга келгенден кийинки бузукулук – кандай ыплас! Кимде-ким тообо кылбаса, демек, алар – заалымдар. Эй, ыймандуулар! Шектенүүлөрдүн көпчүлүгүнөн арылгыла. Анткени, айрым шек саноолор – күнөө. Бири-бириңерди аңдыбагыла жана бири-бириңерди артыңардан тилдебегиле. Силердин араңардан ким өлгөн бир тууганынын этин жешти жакшы көрсүн?! Силер аны жактырбайсыңар! Аллахтан корккула. Чындыгында, Аллах – тооболорду Кабыл Кылуучу, Боорукер».**[33]

[33] Хужурат сүрөсү, 11-12-аяттар

Ислам теңдикти орнотту, коомдун баарын тарактын тиштериндей теӊ кылды. Баарына бирдей карады. Ыйык Куран бардык адамзаттын түбү бир деп жарыялады. Жараткан Аллах айтты: **«Оо, адамдар! Биз силерди эркек -ургаачыдан жараттык. Ошондой эле бири-бириңерди таанып-билишиңер үчүн урууларга жана элдерге бөлүп койдук. Аллахтын алдында силердин эң сыйлууңар – такыбараагыңар. Чындыгында, Аллах – (баарын) Билүүчү, (баарынан) Кабардар!».**[34] Куран текебер болууну жана бой көтөрүүнү тыюу салды. Жараткан Аллах айтты: **«Чындыгында, Аллах асмандардагы жана жердеги кайыпты билет. Аллах силер эмне кылып жатканыңарды Көрүүчү!»**[35]

Ислам адамзаттын коомуна жана бардык жер жүзүндөгүлөргө жакшылыкты ар бир мусулман үчүн жалпы максат кылып орнотту. Жараткан Аллах айтты: **«Жер жүзүндөгү жашоо оңолгон соң бузукулукту**

---

[34] Хужурат сүрөсү, 13-аят

[35] Хужурат сүрөсү, 18-аят

**таратпагыла жана Ага коркуноч, үмүт менен кайрылгыла. Акыйкатта, ким жакшы иштерди жасаса, ага Аллахтын ырайымы жакын»[36].**

Ислам мусулмандарды бири-бирине акыйкатты жана сабырдуулукту насаат кылууларына чакырган. Бул чакырык бардыгына адамзаттык милдет кылынды. Жараткан Аллах айтты: **«Асрга ант! Албетте, инсан коромжуда. Бирок, ыйман келтиргендер, жакшы амалдарды жасагандар жана ак менен сабырдуулукка бири-бирин насаат кылгандар (коромжуда эмес)!»**[37].

Бул социалдык баалуулуктар пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинага көчүп келээри менен бат эле жайыла баштады. Мындай нерсе, албетте, адамзаттын тарыхында болбогондой бийик социалдык өсүүнү алып келди. Исламдагы бардык ибадат түрлөрү жүрүм-турумга жана баалуулуктарга багытталган. Сөгүш,

---

[36] Аъраф сүрөсү, 56-аят

[37] Аср сүрөсү, 1-3-аяттар

бузукулук жана жактырылбаган амалдарга ислам тыюу салат. Жараткан Аллах айтты: **«Аларга китептен сага кабар берилгендерди окуп бер да, намаз оку. Анткени намаз бузукулуктан жана күнөөдөн тыят . Ал эми Аллахты эскерүү андан да чоң. Аллах силердин эмне кылып жатканыңарды билип турат».**[38]

## Саламаттыкты сактоонун өнүгүүсү

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинага келе электен мурда, ал жерде шаар тургундарынын баары кыйналган бир нече медициналык оор көйгөйлөр бар эле. Ал көйгөйлөрдүн кээ бири экология жана чөйрөгө тиешелүү болгон. Анын ичинен белгилеп кете турган нерсе: айыл-чарба иштери. Жердин сазга айлануусунан улам тургундардын арасында өтө кеңири жайылган калтыратма оорусу сыяктуу. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Жараткан Аллахка:

[38] Анкабут сүрөсү, 45-аят

*«Оо Аллах! Биз Мадинаны Меккени сүйгөндөй, балким андан дагы көбүрөөк сүйүүбүздү насип кыл! Оо Аллах, биздин саъларыбызга, муддаларыбызга береке бер! Аба ырайын биз үчүн мыкты кыл жана калтыратманы Жухвага өткөргүн!»* – деп дуа менен кайрылды. Бул дуадан Аллахтын элчиси Мадинанын экологиясына жана анын тургундарынын ден-соолугуна аябай камкор болгондугунун белгиси. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) дагы башка адамдар сыяктуу эле ооруга чалдыккан, ал адамдарды даарыланууга, дары-дармектерди колдонууга жана ооруларды даарылай турган жаңы ыкмаларды издөөгө үндөгөн. Бул нерсеге анын төмөнкү сөздөрү келтирилет: «Аллах жиберген (адамдарга) ар бир оору, өзүнүн шыпаасы менен жөнөтүлгөн». Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) элдерди дарыгерлерге кайрылууга, бал жана башка табигий дармектер сыяктуу жаратылыш даарыларын колдонууга үндөгөгөн. «Даарылык касиет үч нерседе бар: балдын ууртамында, сүлүктүн кесигинде (кан алуу) жана

күйдүрүүдө. Бирок менин жолумду жолдоочуларга күйдүрүүнү тыюу салам», – деген хадиси келтирилет.

Натыйжада, жаман аяндар жана пессимистик маанайга алып келе турган психикалык жана физикалык оорулардын пайда болушуна себеп болгон ырым-жырымдарга карата пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) бекем позицияда турган. Аллахтын элчиси адамдарды жакшы нерсеге ишенүүгө жана позитивдүү маанайда болууну үйрөттү. Андан сырткары, оорулардан айыгуу үчүн кара тминдин данектери сыяктуу жана башка табигий өсүмдүктөрдү колдонууга түрткү болгон.

Профилактикалык медицина тармагында пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзүнүн төмөнкү сөзүндө айткан: «Эгер силер кара тумоо бир жерде (жайылган) деп уксаңар, ал жакка барбагыла, ал эми эгер ал оору силер турган жерде пайда болсо, андан качам деп качып кетпегиле (башка жакка)».

Ошону менен биргеликте Аллахтын элчиси туура диетада камтылган саламаттыкты сактоодо, өтө чектен ашып тамактануудан баш тартууга, парз жана нафиль орозолорду тутууга өтө керектүү негиздерди жана эрежелерди орноткон. Бул негизде пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Адам баласы өзүнүн курсагындай жаман идишти толтурган эмес! Ага өзүнүн күч-кубатын кубаттай турган бир нече кесим тамак гана жетиштүү. Бирок эгер ал аргасыз тамактаныш керек болсо, (көп) анда ашказанынын үчтөн бир бөлүгүн тамак-ашка, дагы бир бөлүгүн сууга жана калган үчтөн бир бөлүгүн абага калтырсын»*, – деп айтты.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) оорулууга дарыгердин келүүсүн мыйзамдаштыртып койгон, бул коштошуу ажылыгында Саад ибн Абу Ваккастын (Аллах андан ыраазы болсун!) ооруп жатканында болгон окуя мисал боло алат. Аллахтын элчиси ооруну айыктыруу үчүн алдамчылык жана сыйкырчылыкты колдонууга тыюу салган.

Жараткан Аллахка арналган дуалардын жана Ыйык Курандын аяттарынын негизиндеги туура дем салууну мыйзамдаштырып, уруксат берген. Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) тирүү кезинде, Ислам тарыхындагы эң биринчи оорукана пайда болгон. Аны Руфейда Аслямийа (Аллах андан ыраазы болсун!) Урва согушунда уюштурган. Пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) мечитинин ичинде оорулууларды жана жарадарларды өзү даарылоо үчүн атайын бир чатыр тиккен. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Саад ибн Муаз (Аллах андан ыраазы болсун!) Урва согушунан жарадар болгондо, ал жерге алып келген. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Аны Руфейданын чатырына алып баргыла, жакынкы арада аны мен зыярат кылганы барам»,* – деген. Аллахтын элчисинин оорулардын жана эпидемиялардын тарап кетишине алдын ала сактап калуу үчүн тазалыкты жана гигиенаны кармануууга буйруган буйруктары эң чоң ролду ойноду.

Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) тамак-аштын тазалыгын, тазалыкты сактоо ыкмаларын жана жалпы гигиенаны кармоо насыяттары адам баласынын жалпы ден-соолугуна өтө чоң таасирин тийгизди.

Аллахтын элчиси адам баласын оорулардан жана бактериялардан сактап, ден-соолукту чыңдоого түрткү бере турган сүннөткө отургузуу жана башка гигиеналык иш-аракеттерди аткарууга үндөгөн. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Беш нерсе фитрага (адамдын туубаса сыпаты) тийиштүү: уяттуу мүчөдөгү түктөрдү алуу, сүннөткө отургузуу, муруттарды кыскартуу, колтуктагы түктөрдү алуу жана тырмактарды алуу»*, – деп айткан.

Пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) медицинасынага тиешелүү болгон көптөгөн китептер жазылган, анын баары пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) сүннөттөрүнө жана анын хадистерине негизделген.

Аллахтын элчиси өзү менен Мадинага алып келген бул көрсөтмөлөр жана сабактардын баары тез убактын ичинде Нурлуу Мадинанын жалпы коомуна таасирин тийгизип, өзүнүн жыйынтыгын бере баштады. Пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) сөзүнө таасирленип, Жараткан Аллах мусулмандар үчүн орноткон жаңы дин эрежелерин үйрөнүштү. Бул эрежелерди өздөрүнүн коомдук жана жеке жашоолорунда тажрыйбага ашырышты. Биз айтып өткөндөй эле, пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) насааттары жана осуяттары жалпы мусулман коомуна багытталган, ошондуктан, пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) доорундагы Нурлуу Мадина коому көбүрөөк таасирленди. Башка коомго салыштырмалуу жаңы нерселерге жана эрежелерге таасирленди. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Нурлуу Мадинага көчүп баргандан кийин башталган саламаттык сактоо тармагындагы

өнүгүүгө жардам жана колдоо көрсөттү. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) калтырган ошол из дагы эле бар жана коомдун жашоосунда байкалып турат. Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) осуятында айтылгандай: *«Ал Кыямат күнгө чейин Мадинада кала берет»*.

## Экономикалык өнүгүү

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) бала чагынан бери көп эмгектенген. Алгач ал өзүнүн агасы Абу Талибге балдарын камсыз кылганга акча табууга жардам берүү үчүн Мекке шаарынын тургундарынын койлорун белгилүү бир акыга кайтарып берет эле. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Аллах жөнөткөн пайгамбарлардын баары кой кайтарышкан»*, – деп айтты. Андан: «Оо, Аллахтын элчиси сизчи?» – деп сураштты. Ал: *«Мен дагы Мекке жашоочулары үчүн бир нече каратка (акча өлчөмү) койлорун багып бергем»*, – деп жооп берди. Ал чоңоюп эрезеге жеткенде Хадижа (Аллах андан ыраазы болсун!) аны соода кербенин Шамга жеткирүү үчүн аны жалдаган. Ошол себептен пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өтө көп саякаттары жана сапарлары болгон. Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Эч ким эч качан өзүнүн эмгеги менен тапкан тамак-аштан жакшыраак*

*нерсе жеген эмес. Чындыгында, Аллахтын пайгамбары Дауд өз колу менен тапкан тамак-аш менен азыктанган»,* – деп адамдарды ишке жана эмгекке үндөгөн сөздөрү келтирилет.

Аллахтын элчиси өзүнүн сахабаларына устачылыкты жана кесиптерди өздөштүргөн, тырышып эмгектенген пайгамбарлардын, элчилердин жашоосунан көптөгөн мисалдарды айтып берген. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Закария жыгач уста болгон»,* – деп айтты. Аллахтын элчисинин ар түрдүү кесип жана устачылыкка ээ болгон адамдарга болгон мамилесин анализдөөдө, пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) аларга дайыма дем берип, ишке жана чыгармачылыкка түрткү болгонун билсек болот. Мисалы, ал түштөндүрүүгө чакырган тикмечинин чакырыгын сүйүнүү менен кабыл алган. Жадакалса өз баласы Ибрахимди темир устанын аялы болгон эмчек энеге алып барган.

Мындай иш-аракеттер жана үлгүлөр пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана

тынчтыгы болсун!) усталарга жана ар кандай кесип ээлерине болгон мамилеси, жөнөкөй шаар тургундарынын мурда белгилүү эмес жана жийиркенүү менен мамиле кылган кээ бир кесиптерге, мисалы: темир устачылык жана башка, Мадина жашоочуларына чоң таасирин тийгизди.

Ислам алып келген жана Аллахтын элчиси жашоодо иш жүзүнө ашырган көбүнчө мыйзамдар, Мадинанын өндүрүшүн көтөрдү. Бардык тармактарда экономикалык өсүүсүнө таасирин калтырды. Булардын ичинде төмөнкүлөрдү белгилейбиз:

## Сооданын өнүгүүсү

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинага келген мезгилде бүт соода жөөттөрдүн колунда топтолгон. Алар базарларды, анын ичинде Бану Кайнука базарын (жөөттөрдүн уруусунун аталышы) башкарышкан. Ал Нурлуу Мадинанын эң белгилүү базары болгон. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинага

көчүп келгенден кийин мусулмандар Мадина базарларынан четтетилип калбашына жана экономикасынан обочолонтпоого көп аракет кылган. Бану Кайнука базары ал мезгилде өнүгүп-өсүп, элдин баарына белгилүү эле. Кээ бир Аус жана Хазраж уруулары дагы ал жерде соода кылышкан. Бул базардан сырткары аларга гана тиешелүү болгон «Музахим» деген базар сыяктуу дагы майда барат базарлар бар эле.

Мадина өзүнүн аймагында курмаларды жана башка айыл-чарба азыктарды өстүрүүсү менен атагы чыккан. Андан сырткары, бул жерде майда устаканалар жана кичи усталык өндүрүштөр жүргүзүлгөндүгү шаар ичиндеги соода ишмердүүлүгүнө олуттуу таасирин тийгизген. Элдерге акчаны кредитке пайыз менен берген шаардагы башкы капиталдын ээлери жөөттөр болгон. Дал ушул сүткорлук аларга шаардагы бийликти ээлегенге жардам берген.

Албетте, Аус жана Хазраж урууларынын өкүлдөрү Мадинанын экономикасында белгилүү орунду

ээлешкен. Бирок алардын соода-сатык ишмердүүлүгү айыл-чарбасына караганда алда канча артта калган.

Аллахтын элчиси Мадинага көчүп келгенде аны менен чогуу мухажирлер дагы келишкен. Алардын көбүнчөсү соодагерлер болгон. Ошондуктан Мадинага жетээри менен алар базардын жайгашкан жерин сурамжылай башташкан. Алар жашап кетүү үчүн соода-сатык жана акча табуу сыяктуу иштер менен каражат таба башташкан. Алардын ичинде Абдурахман ибн Ауф жана Умар бин Хаттаб (Аллах алардан ыраазы болсун!) бар эле.

Мадинада жөөттөр Бану Кайнука базарын башкаргандыктан улам, экономикалык тармак алардын колунда экенин пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) сезди. Натыйжада, ал жөөттөрдүн зыянынан алыс болуу үчүн Мадинада жаңы базар ачууну чечти. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Ибн Зубейр деген жерде (ар кандай дарактары менен чоң ээн жер) чатыр тикти жана: *«Бул жерде силердин базарыңар*

*болот!»,* – деп айтты. Мындай аракет жөөттөрдүн ачуусун келтирди, анткени алар бул ачылган базардан коркунуч сезишти жана анын жиптерин кесип, чатырды кулатышты. Аллахтын элчиси: *«Эч нерсе эмес! Мен аны алардын ого бетер ачуулары келе турган жайга котором!»* – деди. Анан ал азыркы учурдагы Мадина борбордук базары турган жайга көчүрдү. Ал: *«Мына силердин базарыңар. Андан эч нерсе кемибейт жана кысталбайт. Ал жерден салык алынбайт»,* – деп айтты.

Аллахтын элчиси Мадинанын жаңы базарынан ижара акысын алуудан тыйды. Албетте, бул нерсе базардын бат эле гүлдөп өнүгүүсүнө алып келди. Аллахтын элчисинин тандаган жайы оңунан чыкты. Анткени, жаңы базар шаардын босогосунда эле. Мына ушинтип, мусулман базары Мадина шаарына кирген соода кербендерин жана элчиликтерди Бану Кайнука базарына жете электе эле тосуп алган. Жөөттөр буга катуу ачууланып, кыжырланышты. Мусулман базарынын өсүп-өнүгүүсү, мусулман жана мусулман эмес адамдардын соода иштерине дагы, маанилүү ролду

ойноду. Жыйынтыгында, мусулман коомундагы экономикалык кырдаал тез аранын ичинде жакшы абалга өзгөрө баштады.

Мадинадагы мусулман базарындагы соодалык шыгы бар көпчүлүк курайшиттерден болгон мухажирлердин аракеттеринен улам акырындык менен жана ырааттуу түрдө өнүгүп жатты. Абу Бакр, Умар жана Усман (Аллах алардан ыраазы болсун!) булар дагы ар кандай товарларды алып-сатып соода иштери менен алектеништи. Анын ичинде Мадина базарында кездемелерди сатып алектенгендер: Усман жана Тальха ибн Убайдулла (Аллах алардан ыраазы болсун!).

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинадагы соодагерлерди аралап, алардан товар сатып алып, туура эмес келишимдерден, таразадан алдоолорунан жана башкалардан сак болууну эскертип турган. Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) доорунда сахабалар Шамдагы соода кербенине катышышкан.

## Мамлекетти уюштуруу жана ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү

Араб мамлекеттеринин баары, өзгөчө Хижаз жана Нажд саясат жана административдик түзүлүштөн алыс болгон. Алар өз алдынча жана башаламандык менен башкарган каада-салт жана урууларга баш ийишкен. Көп учурда аларда саясат ишмердүүлүгү же белгилүү бир бүтүндөй мамлекет болгон эмес. Мисалы: Мекке эч бир тарыхта жазылган жетекчилик же жоопкерчиликтүү башкарууну билген эмес. Мадинада дагы дал ошондой көрүнүштө болгон. Бул эки шаарда тең уруу жана салт эрежелери башкарган. Анын тургундары шаардагы отурукташкан калк болгону менен аларда Аллахтын элчисинин башкаруусуна туш болгонго чейин бир дагы түзүлүш же белгилүү административдик башкаруу болгон эмес.

Административдик башкаруу жана түзүлүш Ыйык Куранда келтирилген Кудайдын эң ачык белгилеринин бири болгон. Жараткан Аллах айтат: **«Акыйкатта, Аллах силерге тапшырылган**

**аманатты анын ээсине тапшырууга буйрук кылат! Эгерде силер адамдардын ортосунда өкүм жүргүзсөңөр, анда адилеттүүлүк менен өкүм чыгаргыла. Албетте, Аллах силерди үндөп жаткан нерсе кандай сонун! Акыйкатта, Аллах Угуучу, Көрүүчү! Оо, ыймандуулар, Аллахка баш ийгиле! Аллахтын элчисине баш ийгиле! Ошондой эле силердин араңардагы колуна бийлик берилгендерге баш ийгиле! Эгер бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар, анда Аллахка жана пайгамбарга кайтаргыла, эгер силер Аллахка жана акырет Күнүнө ишенсеңер. Мына ушул эң жакшы жана мыкты көрсөтмө!»**[39].

Жараткан Аллах айтат: **«Акыйкатта, элчилерибизди ачык-аяндар менен жибердик. Адамдар адилеттиктен чыгып кетпеши үчүн алар менен кошо Китеп жана мыйзамды түшүрдүк. Ошондой эле, Биз темирди түшүрдүк. Анда адамдар үчүн мыкты күч жана пайда бар. Аллах ким Ага**

[39] Ниса сүрөсү, 58-59-аяттар

**жана Анын элчисине жардам бергендерди кайыптан билүү үчүн (ушинтти). Чындыгында Аллах – Күчтүү жана Мартабалуу».**[40]

Аллахтын элчиси мамлекеттин башкаруучусу болгон. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) башчыларды жана кызматкерлерди дайындаган. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзүнүн бардык күчүн жана өзүнүн каалоосун башкарууга жана милдеттерди, жоопкерчиликтерди бөлүштүрүүгө жумшаган. Акабадагы экинчи анттан кийин пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) ант ичкендер менен өз мамилесин жөнгө салган. Алар тандап алган башчыларды жана өкүлдөрдү ага жөнөтүүсүн талап кылган. Ал өкүлдөр буйруктарды, насыяттарды алгандан кийин, алардын ишке ашуусуна, баарына жооптуу болушкан. Ар бири өзүнө коюлган милдеттин негизинде жоопту эле.

---

[40] Хадиид сүрөсү, 25-аят

Эркектер жана аялдар берген антка өтө өзгөчө маани берилген. Ал тууралуу Ыйык Куранда Жараткан Аллахтын сөзү айтылат: **«Эй, пайгамбар! Эгерде сага момун аялдар келишип, Аллахка бөлөк бирөөнү шерик кылбоого, уурулук кылбоого, аягы суюк – бузукулук кылбоого, өз балдарын өлтүрбөөгө, өз колу-буттарыбыз алдында болду деп жалган жалааны айтышпоого жана жакшылык иштерде сага каршы болбоого убада-ант беришсе, анда алардын антын кабыл ал! Алар үчүн Аллахтан кечирим сура. Албетте, Аллах Кечиримдүү, Боорукер».**[41]

Аллахтын элчисинин буйруктары ачык-айкын ар бир жамаатка кичине болсун, чоң болсун жоопкерчиликти бөлүштүргөн. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Өздөрүнө бирөөнү башчы кылып шайлап алмайынча, үч адамга чөлдө жүрүүгө уруксат берилбейт»,* - деп айтты.

[41] Мумтахана сүрөсү, 12-аят

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) мамлекеттин турмуш түйшүктөрүн жана аскердик иштерди дагы башкарган. Аскер башчылыгын дайындоодо жана башкарууда, жакшы иште башчылыкка моюн сунууга, Аллахтын элчиси өзүнүн үммөтүн тарбиялагысы келген.

Мадина Ислам мамлекетинин борборуна айланды. Ал эми Аллахтын элчиси Нурлуу Мадинанын реалдуу башкаруучусу болду. Мындан сырткары, пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) сапарга чыккан учурда өзүнүн ордуна өзүнүн сахабаларынын бирөөсүн орун басары катары калтырып кетет эле. Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) «Өмүр баянын» жазган бардык авторлор согушка тиешелүү болгон ар бир бөлүмдүн башында пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзүнүн ордуна Мадинагы дайындап калтырган адамдын атын жазышкан.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинада өзүнүн ордуна дайындап калтырган белгилүү адамдардын бири: Абдулла ибн Умм Мактум (Аллах андан ыраазы болсун!), Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) аны өзүнүн орун басары кылып, он үч жолу калтырган деп айтылат. Анын ичинде Бадр согушунда, Хамра Асад жана башка жортуулдарда дагы. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) кээ бир жортуулдарында Нурлуу Мадинада өзүнүн ордуна Усман ибн Аффанды (Аллах андан ыраазы болсун!) дагы калтырган.

Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) доорунда белгилүү болгон, Мадинанын карамагына кирген кээ бир аймактар, мисалы: Ийемендин жана Мекке Мукарраманын айылдары, Таифтин жана Бахрейндин жана Оман аймактарына башкаруучуларды жана кызматчыларды дайындаган.

Аллахтын элчиси Ислам мамлекетинин башчысы болгону менен өзүнүн сахабалары менен өтө көп кеңешкен. Бул негизди бекемдөө үчүн Шуро сүрөсү түшкөн, Аллах Таала мындай деген: **“Эгесине жооп бергендер, намаз окугандар, өздөрүнүн ишин өз ара кеңешип чечкендер жана алар Биз бергендерден сарптагандар”.**[42] Жараткан айтты: **“Аллахтын ырайымы менен сен аларга жумшак мамиле кылдың. Эгерде сен каттуу жүрөк, орой болгонуңда, анда алар сенин айланаңдан чачылып кетмек. Аларды кечир жана алар үчүн кечирим сура. Бирок иш тууралуу алар менен кеңеш. Эгер чечим кабыл алган болсоң, анда Аллахка тобокел кыл! Аллах Өзүнө тобокел кылгандарды сүйөт”.**[43]

Аллахтын элчиси олуттуу чечимдерди чыгараардан мурда өзүнүн сахабалары менен көп кеңешкен. Кээ бир сахабалар Аллахтын элчисинин шурасынын мүчөсү экенине кабардар болушкан.

[42] Шуура сүрөсү, 38-аят
[43] Аалу Имран сүрөсү, 159-аят

## Адилеттүүлүк жана теңдик

Адилеттүүлүк - бул исламдык жана жалпы адамзаттык маанилүү принцип. Адилеттүүлүк мусулмандын коомдук жана жеке иштерин, өзгөчө адамдар үчүн бир ишти аткарып жаткан болсо, башка адамдар менен болгон мамилени башкарат. Адилеттүүлүк – бул кандай убакытта жана орунда болбосун бардык системалар ишке ашырууга умтулган бийик баалуулук. Жараткан Аллах айтты: **«Чындыгында, Аллах – адилеттүүлүктү, жакшылыкты жана тууган-урукка кайрымдуу болууну буюруп, уятсыздыктан, каапырлыктан жана чектен ашуудан тыят. Аллах силерге (ушундайча) насыят берет. Балким түшүнөөрсүңөр»**[44], жана дагы: **«Акыйкатта, Аллах силерге тапшырылган аманатты анын ээсине тапшырууга буйрук кылат! Эгерде силер адамдардын ортосунда өкүм жүргүзсөңөр, анда**

[44] Нахль сүрөсү, 90-аят

**адилеттүүлүк менен өкүм чыгаргыла. Албетте, Аллах силерди үндөп жаткан нерсе кандай сонун! Акыйкатта, Аллах Угуучу, Көрүүчү!»**[45]

Жараткан Аллах мындай деген: **«Андыктан чакыр жана сага буйрулгандай туруктуу бол. Алардын каалоолорунун артынан ээрчибе жана: “Мен Аллах түшүргөн Китепке ишенемин. Мен силердин араңарда адилеттүү болууга буйрулганмын. Аллах биздин да Эгебиз, силердин да Эгеңер. Бизге – өзүбүздүн жасаган иштер, силерге – өзүңөрдүн жасаган иштер таандык. Силердин жана биздин ортобузда талаш-тартыш кылууга себеп жок. Аллах бизди жыйнап алат жана кайтуу Ага” – деп айт».**[46] Жараткан Аллах адилетсиздик кылбоого аябай катуу эскертүү берген жана андан сак болууга буйруган. Аллах айтты: **«Аллах заалымдардын иштеринен капарсыз экен деп ойлобо! Акыйкатта, Ал алардын көздөрү чанагынан чыга турган Күнгө**

---

[45] Ниса сүрөсү, 58-аят

[46] Шуура сүрөсү, 15-аят

**чейин гана мөөнөтүн узартат. Алар чанагынан чыккан көздөрү, бош калган жүрөктөрү менен баштарын көтөрүп, алдыга карай жүткүнүшөт. Андыктан, аларга азап келе турган Күндү эскерт. Ошондо заалымдар: "Эгебиз! Бизди жакын мөөнөткө чейин кечиктире көр. Чакырууңа баш ийип, пайгамбарларыңды ээрчийбиз", – дешет. "Мурун силер ойрон болбойбуз деп ант берген жок белеңер?" – (делинет)»[47].**

Жараткан айтты: **«Оо, момундар! Аллах (ыраазылыгы) үчүн күбөлүккө бекем тургула. Айрым адамдарга болгон жек көрүүңөр силерди адилетсиздикке түртпөсүн. Адилеттүү болгула! Ошол – такыбалыкка жакыныраак. Аллахтан корккула. Албетте, Аллах – эмне иш кылып жатканыңардан Кабардар!»[48]**

Албетте, адилеттүүлүк сот системасында гана эмес, ал ар бир мусулман үчүн жалпы зарыл багыт

[47] Ибрахим сүрөсү, 42-44-аяттар
[48] Маида сүрөсү, 8-аят

болуп эсептелинет. Ал административдик иштин өзөгү. Анткени, жоопкерчиликтүү жетекчи өзүнүн кол астындагыларга, анын иш чөйрөсүнө тиешеси бар адамдарга жана анын ыйгарым укуктар чөйрөсүнө кызыккан адамдарга дагы милдеттүү түрдө адилеттүү болуш керек. Адилеттүүлүк ар бир адамга таандык болуш керек. Бул үй-бүлөлүк көйгөйлөрдү башкарууга жана жеке ишине дагы тиешелүү. Ал эми элдер менен жалпы жана жеке иштешип жаткан чоң кызматтагылар адилетүүлүктү өтө кылдаттык менен иш жүзүнө ашырууга милдеттүү.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) элдерди адилетсиз иш-аракеттерден дайыма эскерткен. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Адилетсиз болуудан корккула! Кыямат күнү кысымга алуу (коюу) караңгылыкка айланат»,* – деген.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) тажрыйбада дагы алсыздарга же күчтүүлөргө болсун кылмыш жазасын аткарууда

адилеттүүлүктү колдонууга буйруган. Бул маселеге кайдыгерлик кароодон эскерткен. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Чындыгында, силерден мурдагылар эгер бир атактуу адам уурулук кылса, аны жазага тартышкан эмес, ал эми алсыз адам уурулук кылса, ага жаза колдонушкан себептүү кыйроого учурашкан. Аллахтын аты менен касам ичем! Эгер Мухаммаддын кызы Фатима уурулук кылса, мен анын колун кесип салам»,* – деген болчу.

Аллахтын элчиси сот иштери менен өзү алектенген. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адилеттүүлүк менен изилдөө иштерин жүргүзгөн. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) касташкан тараптардын бирин кийинкисинин пайдасына чечип, биринчи тарапты кемсинтип коюудан дайыма корккон. Аллахтын элчиси сот чечиминде дагы бирөөнүн укугун тебелөөдөн эскертип, алдын ала сак болууга буйруган. Ошондуктан: «Бир күнү Аллахтын элчиси бөлмөсүнүн эшигинин жанында талашты угуп калды, аларга

(талашып аткандарга) чыгып айтты: *«Чындыгында, мен жөнөкөй адаммын, мага адамдар өздөрүнүн талаш-тартыштары менен келе беришет. Балким силердин бирөөңөр көркөм сүйлөсөңөр, ошонун негизинде мен ага ишенип, анын пайдасына чечип коюшум мүмкүн. Бирок эгер мен (катачылык менен) башка эле мусулмандын акысын ага берип кое турган болсом, анда ал тозоктун отунун бөлүгү болот. Ошондуктан ал өзү аны алсын же андан баш тартсын»,* – деген хадис келтирилет.

Аллахтын элчиси бардык адамдардын, ал мусулманбы же капырбы айырмалабастан, талаш-тартыштарын чечип берген. Бирөөнүн укуктары кемсинтилип жатса, аны калыбына келтирген. Ал соттордун жүрүм-турумун жана соттошуп жаткан тараптардын адеп-ахлагын түшүндүргөн. Адам өзүнө тийиштүү эмес нерсени энчилеп алууга алып келген айыптоодо же касамдарда жалган айтуудан пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) эскерткен. Абдуллох ибн Масуд (Аллах андан ыраазы болсун!): «Аллахтын элчиси айтты: *«Кимде-ким касам*

*ичсе, анын негизинде сот чечими кабыл алынса, мындай адилетсиз жол менен иш кылып мусулмандын мүлкүн тартып алууну көздөсө, Аллах ага ачууланып турган абалда жолугат»,* – деген. Бул жагынан Жараткан Аллах Өзүнүн төмөнкү сөздөрүн келтирет: **«Чындыгында, Аллахка берген убадаларын жана анттарын арзыбас акча үчүн соодалашкандардын Акыретте эч кандай үлүшү жок жана Кыямат Күнү Аллах аларга сүйлөбөйт, карап да койбойт. Аларды (күнөөдөн) тазартпайт, аларга – оорутуучу азап (бар)»[49].** Жараткан Аллах башка сөздөрүндө жалган сүйлөөнү көп Кудайга сыйынуу менен салыштырды: **«Мына ушул, ким Аллахтын ардактагандарын жогору бааласа, (ошолор үчүн парыз). Аларга Эгесинин алдында жакшылыктар бар. Силерге арам экендиги билдирилгендерден башка малдар адал кылынды. Эми ыплас сөлөкөттөрдөн сактангыла! Ошондой эле жалган сөздөрдөн сактангыла!»[50].**

---

[49] Аалу Имран сүрөсү, 77-аят
[50] Хаж сүрөсү, 30-аят

Мындан сырткары, пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) насааттары доолашкан эки тарапка тең ачык-айкын болгон. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзүнүн каалоосуна жана ышкыбоздугуна өтө эле таянып чечим чыгаруудан эскертме берген. Сот иши айкын жана мыйзамдуу системанын негизинде өтүш керек деп айткан. Ошондон улам: «Доомат кылып жаткан адам далил келтирип, ал эми күнөөнү мойнуна албай жаткан адам касам ичүүсү керек», – деген принцип пайда болгон. Ыйык Куран эч кимге жан тартпастан, арам ойлорго чуңкубай, эгер акыйкат сүйүктүү адамдарыңа карата жана өзүнө каршы келе турган болсо да, ошого карабастан адилеттүүлүктү талап кылат: **«Оо, ыймандуулар! Өзүңөргө каршы, же ата-энеңер, же жакын туугандарё болсо да Аллах үчүн адилеттүүлүктү тургузуучу калыс күбө болгула! А эгер бай же кедей болсо, Аллах экөөнөн тең артыгыраак. Адилеттүү болууңарда көңүлүңөргө ээрчибегиле. А эгер силер тайсалдасаңар же баш**

**тартсаңар, анда Аллах силердин эмне кылганыңардан толук кабардар»[51].**

Хадси кудсиде: «Оо, менин кулдарым! Мен Өзүмө адилетсиздикти арам кылдым жана өз ара силерге да арам кылдым. Бири-бириңерге адилетсиздик мамиле кылбагыла!»

Аллахтын элчиси соттордун адилетсиздигинен: *«Казылар (сот-бийлер) үч түрдүү. Алардын бири бейишке кирип, экөө тозокко түшөт. Акыйкатты билип, адилетсиз (туура эмес) өкүм чыгарган адам тозокто. Жагдайды толук түшүнбөй туруп, нааданча өкүм чыгарып, адамдардын укугун бузган адам дагы тозокто. Бир гана акыйкатты билип, ошол боюнча өкүм чыгарган казы бейишке кирет»*, – деп эскерткен.

Ислам паракордукту дагы арам кылган. Анткени, пара алуу адамдарды адилетсиздикке жана адамдардын укугун тебелөөгө алып келет. Паракорлук казылар жана башчыларга зыяндуу таасир келтирет. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы

---

[51] Ниса сүрөсү, 135-аят

болсун!): *«Аллах пара бергенди жана пара алганды жана пара алууну талап кылган адамды каргады»*, – деп айтты.

Сот ишин жүргүзүү мусулман коомунда бардык адамдарга тиешелүү болгон. Аны пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) насаатынын негизинде тажрыйбага ашыруу, мусулман жана башка дин өкүлдөрүнө карата бирдей болуш керек. Адилеттүүлүк мусулмандарга жана мусулман эместерге дагы көрсөтүлүшү керек. Бул жалпы баарына айтылган талап. Жараткан Аллах айтат: **«Алар – жалганга кулак салып, арам нерсеге соргок болгондор. Эгер алар сага (даттанып) келишсе, ортолорундагы маселе боюнча (шариатка ылайык) өкүм чыгар, же алардан жүз үйүр. Сен алардан бет бурсаң деле алар сага эч бир зыян кыла алышпайт. Эгер алардын ортосунда өкүм чыгарсаң, адилеттүүлүк менен өкүм чыгар. Акыйкатта, Аллах – адилеттүүлөрдү сүйөт»[52].**

[52] Маида сүрөсү, 42-аят

Аллахтын элчиси адилеттүүлүк маселелерин жөнгө салууда, шаардан алыс жерде жайгашкан аймактардан адамдарды казылыкка дайындоо боюнча мыйзам чыгарды. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) элдердин ортосундагы соттук талаш-тартышты чечүү үчүн өзүнүн кээ бир сахабаларын жөнөттү жана аларга насаат айтты.

Ошентип, Ислам мамлекетинин бийлигинин алдында болбогон, ал жакка башчы жөнөтүлбөгөн адамдардын талаш-тартыштарын соттук маселелери менен алектенбеген, алардын ортосунда акыйкат орнотулбаган бир дагы регион калган эмес. Балким эң белгилүү дүйнөлүк конституция бул – Умар ибн Хаттабдын (Аллах андан ыраазы болсун!) сот ишин жүргүзүү боюнча Абу Муса Ашъариге (Аллах андан ыраазы болсун!) адамдарды соттоо жол-жобосу боюнча осуяттарын жөнөткөн каты болушу ыктымал. Шексиз, адилеттүүлүктү орнотуу жана сот иштерин жүргүзүү туурасында Умар ибн Хаттаб (Аллах андан ыраазы

болсун!) аны менен бөлүшкөн маалымат Аллахтын элчисинен алынган.

Албетте, адамзатынын коомчулугунда жашоону жана Исламды түптөө бардык адамдар бирдей укукта болууга бир гана так системанын, мыйзамдын жана шариаттын негизинде орнотулушу мүмкүн. Ошону менен биргеликте адамдын укугун колдоо жана сактоо мыйзамдык негиз жана юридикалык база катары сакталат. Андан сырткары укугу тебелендендердин калыбына келтире турган күч сакталат, абийрсиздик жана адилетсиздик тыйылат, сот өкүмдөрү практи жүзүндө ишке ашырылат. Мунун баары адилеттүү системада жашап жаткан, коомдун ар бир мүчөсүнүн укугу сакталган, татыктуу жана ийгиликтүү жашоону куруууга жардам берген, туура жана саламат өндүрүш, адамдардан түрдүү уурулуктан жана жалгандан оолак кылуу, адамдардын мал-мүлкүн тартып алуу аракеттеринен, намысы жана өмүрүнө кол салууга аракеттенген учурда бардык адамдардын коопсуздугуна алып келет.

Дал ушундай кылып, Аллахтын элчиси Аравия жарым аралыгындагы Нурлуу Мадина жана анын башчылыгына туш болгон территорияларга адилеттүлүк орнотууга алып бара турган ыйык осуяттарды жана мусулман коому үчүн пайгамбарлык практиканы курган. Бул система ислам мамлекеттерине жана алардын коому үчүн жол көрсөтүүчү жип болду. Алардын ичинде мусулмандар Пайгамбарыбыз орноткон багытка турган учурда, коопсуздукту жана ыйманды күчөтө турган умтулуу күн сайын болуп турган. Мусулман коомчулугу бул багыттан алыстаган сайын, алар өздөрүн жана өздөрүнүн укутарын жоготушкан.

Ислам шариаты боюнча аалымдар, укукчулдар жана адистер бул темада көптөгөн эмгектерди жазышкан. Аларды санап чыгуу өтө эле оор иш. Ал китептердин жана эмгектердин баары Мединанын илимий, саясий, административдик укук, шариаттык укук жана адилеттүү мурасты өзүнө камтыйт. Бул үммөттүн көпчүлүк тукумдары бул мурасты жокко

чыгарышат. Көптөгөн башчылар жана жетекчилер моюнга алгылары келбейт. Жыйынтыгында, алар адашышты жана көп адамдарды адаштырышты.

## Коопсуздукту жана тынчтыкты уюштуруу

Коопсуздукту сактоо – бул жалпы адамзат муктаж болгон ар адам коомуна керектүү жана тартып алынбай турган нерсе. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзүнүн пайгамбарчылык миссиясы менен жөнөтүлгөн кезде, арабдардын арасында коопсуздук жактан башаламандык өкүм сүрүп турган. Ал эми күчтүүлөр болсо, алсыздарды жутуп турган. Башаламандык бүт жерде басымдуулук кылган жана адамдар коопсуз саякатка чыгып, өздөрүн коргой да алышпайт эле. Бир гана күч же болбосо өнөктөштөрүн колдонуп, алар менен коопсуздукту камсыздоо үчүн келишим түзүшүп, бирдикте аракеттенишкен. Адамдарды башкалардан коргой турган, өмүрлөрүнө жана мал-байлыгына кол салуудан коргогон бир система, мыйзам же өкүмдөр жок болгон. Нурлуу

Мадинада ислам мамлекети пайда болгондон бери тургундардын коопсуздугу биринчи орунда боло баштаган. Коопсуздук бул дин, таухид жана ырыскыдан кийинки эле инсандын негизги талабы. Коопсуздуктун керектүүлүгү жана маанилүүлүгү жөнүндө адамдарга эскерткен Ыйык Куранда бир канча аяттар түшкөн.

Коопсуздук сөзү: кылмыш ишти жасоого тыюу салуу, укуктарды сактоо жана коргоо, адилеттүүлүктү орнотуу, коопсуздукту жайылтуу деген түшүнүктөрдөн келип чыккан. Ошентип, коопсуздук динден жана таухиддин артынан эле кеткен адамзатынын жашоосуна эң керектүү болгон талаптардын бири болуп эсептелинет. Коопсуздук адамдын азыгын дагы шарт кылат. Мунун баары Аллах Тааланын кереметтүү сөздөрүндө келтирилет: **«Бул үйдүн ээсине сыйынышсын! Ал ачкалыкта аларды тамактандырып, коркунучтан аларды аман сактаган».[53]** Бул кереметтүү аяттарда: таухид, ырыскы жана коопсуздук салыштырылат. Алар дагы Аллахтын

[53] Курайш сүрөсү, 3-4-аяттар

Үйү, мусулмандардын кыбласы, бир эле учурда орундун, системанын жана диндин символу менен байланыштуу.

Коопсуздук Аллахтан берилген ырыскы менен салыштырылган: (Ал ачкалыкта аларды тамактандырып, коркунучтан аларды аман сактаган) (Курайш сүрөсү) жана дагы: «**Аллах силердин араңардан ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандарга, өздөрүнөн мурунку элдерди орун басар кылгандай эле жер жүзүндө силерди да (Өзүнө) орунбасар кылууну убада кылды. Ошентип, алар үчүн (Аллах) Өзү ыраазы болгон динин бекем орнотуп, аларга коркунучтан кийин бейпилдикти алмаштырып берди. (Анткени) алар Мага сыйынышат; Мага эч кимди (жана эч нерсени) шерик кылышпайт. Ким мына ушундан кийин (Аллахка) каршы чыкса, мына ошолор – бузукулар»[54].** Жараткан айтты: «**Анда ачык белгилер жана Ибрахимдин орду бар. Кимде-ким ага кирсе –**

---

[54] Нур сүрөсү, 55-аят

**тынчтыкта болот. Мүмкүнчүлүгү жеткендерге Аллах (ырааазылыгы) үчүн Каабага ажылык кылуу милдети жүктөлдү. Ким мындан жүз үйүрсө, чындыгында, Аллах – ааламдагыларга Муктаж эмес!»**[55]

Жараткан Аллах дагы айтты: «**Ибрахим: “Эгем! Бул калааны тынч кыл! Мени жана уулдарымды буддарга табынуудан сакта!” – дегенин эсте».**[56]

Жараткан Аллах Өзүнүн сөзүндөгү коопсуздукка дагы ишара кылды: **«Ким ыймандуу болуп, ошол ыйманын зулумдук менен аралаштырбаса, ошолор үчүн тынчтык болот. Алар – Туура Жол табуучулар».**[57] Аллах Өзүнүн мурдагы пайгамбарлардын окуяларында элдердин жашоосундагы коопсуздуктун маанилүүлүгү тууралында түшүндүрдү, мисалы Салих пайгамбардын коому тууралында: **«Силер деги ушул жерде түбөлүк кала**

---

[55] Аалу Имран сүрөсү, 97-аят
[56] Ибрахим сүрөсү, 35-аят
[57] Анъам сүрөсү, 82-аят

**аласыңарбы?»**[58] деп айтылган. Жараткан Аллах жалпы айылдар жана коомдор туурасында айтты: **«Чындыгында, шаар-кыштактардын тургундары уктап жатышканда Бизден балээ келишинен коопсуз болушканбы? Же шаар-кыштактардын тургундары алар ойноп жаткан шашкеде Биз тараптан кырсык келишинен бейкапар беле? Эмне, Алар Аллахтын (аларды жазалоо тууралуу) амалынан өздөрүн тынч сезиштиби? Кыйратылган коомдон башкалары эч кимиси өзүн Аллахтын амалынан тынчмын деп санай албайт!»,**[59] **«Аллах силерге бейпилчиликтеги кыштакты мисал келтирет. Ага ар тараптан мол ырыскы (Аллахтын амири менен) келип турчу. Акырында, Аллахтын жакшылыгына каапырлык кылышты, ошондуктан Аллах аларга жасаган зулумдугу себептүү ачарчылык жана коркунуч тонун кийгизип, жапа тарттырды».**[60]

---

[58] Шуаро сүрөсү, 146-аят
[59] Аъраф сүрөсү, 97-99-аяттар
[60] Нахл сүрөсү, 112-аят

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) көп жерлерде жана ар кандай жагдайларда өзүнүн сахабаларына жакшы жаңылык менен кубанып: *«Бул дин коопсуздукка бийлик жүргүзөт»,* – деген. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Ади ибн Хатимге (Аллах андан ыраазы болсун!): «*Аллахтын аты менен ант ичем, сен жакында, аял өзүнүн төөсүнө отуруп алып, Кадисиядан (Иракта) бул үйдү (Меккени) зыярат кылуу үчүн Жараткан Аллахтан башка, эч кимден коркпостон саякат кылаарын угасың»*, – деп айтты. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Аллахтын аты менен ант ичем, Ал бул динди аягына чыгарат жана бийик кылат. Бир дагы адам койлоруна карышкыр кол салат деп сары санаа болбой калат. Ар бир мусапыр Санадан Хадрамутка чейин Аллахтан башка эч кимден коркпостон аманчылыкта жетип барат»*, – деп дагы айткан.

Тынчтык Исламдын эң негизги максаттарынын бири. Тынчтыкты орнотуу үчүн мусулмандар коркунуч жана ага алып бара турган нерселерге каршы чыгышкан. Ошондуктан Аллахтын элчисинин ислам мамлекетинде коопсуздукту камсыздоо жана аны ишке ашыруу негизги максаты болгон.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өзүнүн хутбаларында адамдар арасындагы тынчтык жана коопсуздук принциби туурасында көп кайталаган. Бири-бири менен касташпастан, коопсуздукту камсыздоого чакырган. Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Арафат күнүндөгү коштошуу ажылыгындагы эң эле белгилүү сөздөрүнүн бири: *«Силер билген кайсыл ай силер үчүн эң ыйык?»* болгон. Ага: «Ушул эң ыйык ай», – деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Силер билген кайсыл шаар эң ыйык?»* –- деп сурады. Ага: «Ушул шаар эң ыйык» – деп айтышты. Аллахтын элчиси кайрадан: *«Силер билген*

*кайсыл күн эң ыйык деп билесиңер?»* – деп сурады. Ага: «Бул күн» – деп жооп кайтарышты. Ошондо Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Ушул күндөрүңөр, айларыңар, шаарыңар (Мекке) кандай ыйык жана куттуу шаар болсо, жаныңар, мал-мүлкүңөр, абийириңер дагы дал ошондой ыйык, кол тийгис болуп корголгон. Жаратканыңардын алдына сөзсүз барасыңар. Бул дүйнөдөгү бардык иштериңер үчүн жооп бересиңер. Мен араңардан кеткенден кийин баягы бүтпөс ызычууну, уруш-коогалаңдарды кайрадан баштап, бири-бириңерди өлтүргөнгө өтпөгүлө!»* – дейт.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адам баласынын жашоосундагы коопсуздуктун маанилүүлүгүн нечен жолу кайталап айткан: *«Кимде-ким таң аттырып, коопсуздукта болсо, ден-соолугу чың болуп, өзүнө, үй-бүлөсүнө жетээрлик бир күндүк тамагы болсо, анда аалам анын колуна берилди деп айтса болот».* Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!):

*«Мусулман башка бир мусулманды коркутканга болбойт»*, – деп дагы айткан. Ал эми Жараткан Аллахка Аллахтын элчиси жалбарып кайрылган: *«Оо, Аллах! Менин кемчиликтеримди жашыр жана коркунучтарымды тынчтант!»* деген дуалардын бири ушул эле.

Ошентип Ислам мамлекети өзүнүн борбору Нурлуу Мадинада эл арасында мусулман болсун, мусулман эмес болсун коопсуздукту жана тынчтыкты жайылтуу боюнча өзүнүн негизги ролун ойноду. Бул көрүнүштүн түркүгүнүн бири келишим, же болбосо Аллахтын элчиси менен башка жашоочулар жана Мадина уруулары ортосунда түзүлгөн Мадина конституциясы болду. Анын маанилүү пункттарынын бири: биргелешип шаарды жана анын ичиндеги тынчтыкты бекемдөө жана коргоо. Жашоочуларына коркунуч туудурган душмандарга жардам берүүдөн баш тартуу болгон.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинадагы коопсуздукту, анын

тургундарынын жана конокторунун амандыгын өзү көзөмөлдөгөн. Жер бетинде бузукулук жана бейбаштыкты жайылткан, адамдын канын төккөн, коомдун коопсуздугун жана амандыгын бузган кылмышкерлер үчүн Аллахтын элчиси мыйзамдуу жазаларды орноткон. Уруу жана өкмөт башчыларына дагы дал ушундай мамиле кылган. Имам Бухари өзүнүн жыйнагында, атайын өзүнчө бир китепти бөлүп, аны: «Өкүмдөр китеби жана өкүмдөрдү бузган адамды эмне күтөт?» деп атаган. Көптөгөн бөлүмдөрдүн ичинде «Атактуу жана атаксыз адамдарга карата коюлган жаза» деп аталган тема бар. Андан сырткары «Эгер иш башчыга жеткен болсо, мыйзамды бузган адамга ортого түшүү жакшы эмес» деген аталыш менен дагы келтирилген. Ушул эле китепте Айшадан (Аллах андан ыраазы болсун!) төмөнкү хадис келтирилет: «Курайшиттер Бану Махзум уруусунан болгон уурулук кылган бир аялдын маселеси боюнча кам көрүштү. Алар бири-бирине айта башташты: «Ким ага болушат?» (мындан максат, ким Аллахтын элчисинин алдында ал

аялды жактап чыгат дешкен). Алардын бирөөсү: «Аллахтын элчисинин эң жакшы көргөн адамы Усама ибн Зайддан (Аллах андан ыраазы болсун!) башка эч ким ага болуша албайт», - деп айтты. Усама (Аллах андан ыраазы болсун!) ал аялга жактоочу болуп пайгамбарга (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) кайрылды, ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) болсо: *«Оо, Усама! Сен Аллахтын өкүмдөрүнүн бирин бузган адамга жактоочу болуп жатасыңбы?»* - деди. Андан кийин ордунан туруп: *«Силерден мурдагы коомдор, атактуу адамдарга уурулукту кечиргендиги үчүн кыйрап, жок болушкан. Ал эми кедейлер уурулук кылышса, алардын колдорун кесишкен. Менин жаным колунда болгон Заттын аты менен касам ичем! Эгер менин кызым Фатима уурулук кылса, мен анын дагы колун кесмекмин»*, - деп элдерге кайрылды.

Аллахтын: **«Эркек ууру жана аял уурунун кылмыштарынын жазасы – алардын колун кескиле. Бул – Аллахтын жазасы! Аллах – Мартабалуу,**

**Даанышман»**[61] деген сөзүнө тиешелүү болгон өзүнчө бөлүмдү имам Бухари бөлүп койгон. Аллахтын элчиси дагы уурулук кылган адамдын колун кесүү боюнча Жараткандын өкүмүн Бану Махзумдагы аялга практикада колдонду. Кылмыш ишин аткарган үчүн шариат жазасын алууга аялдын атактуу теги, Усама ибн Зайддын (Аллах андан ыраазы болсун!) жактоосу, Меккенин башка асыл өкүлдөрү тоскоол боло алган жок. Кээ бир булактарга таянсак, Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) мындай жазалоону жашоосунда бир нече жолу колдонгон.

Уурулук үчүн колдонулган жаза адамдардын мал-мүлкүнө коопсуздукту камсыздоодо олуттуу ролду ойноду. Андан сырткары ушул сыяктуу кылмыш ишин аткарууда уурулардын жазалануудан коркууну бекемдеди. Бул аз гана убакыттын ичинде уурулук фактыларынын азайганына алып келди, Аллахтын элчисинин доорунда бул түрдөгү кылмыш факты жокко эсе болгон.

---

[61] Маида сүрөсү, 38-аят

Дүйнөдөгү ар бир мамлекет жана ар бир эле коом уурулук үчүн жазалаары шексиз. Бул жазалар уурулуктун төмөнкү деңгээлине түшүүгө алып келет. Мындай нерсе, адамдардын мал-мүлкү үчүн коопсуздукту камсыздайт. Жазалоо өкүмү тууурасындагы ачык буйрук, адамдардын киши өлтүрүүгө же кан төгүүгө түртө турган азгыруулардан сактаган. Анткени, алардын кылмышы үчүн аларды катуу жана адилеттүү жаза күтөөрүн билишкен. Жаза адамдын өмүрүн жана канын коргоо болуп саналат. Жараткан Аллах айткандай: **«Оо, акыл ээлери! Силер үчүн өч алууда – жашоо бар. Балким силер коркоорсуңар»[62].**

Ыйык Куранда Аллахтын сөзүндө айтылгандай согушууга жана киши өлтүрүүгө себепкер болгонго жаза каралган: **«Чындыгында, Аллах жана Анын элчисине каршы согушкандардын, жер жүзүндө бузукулук иштерди жасап жүргөндөрдүн жазасы – алар өлтүрүлөт, асылат, же колу-буттары кайчылаш**

[62] Бакара сүрөсү, 179-аят

**кесилет, же мекенинен куулуп чыгарылат. Бул – алардын бул дүйнөдөгү жазасы, ал эми Акыретте улуу азап (бар), бирок, силердин күчүңөр жетүүдөн мурда тообо кылгандарына (андай катаал жаза жок). Билгиле, Чындыгында, Аллах – Кечиримдүү, Мээримдүү».[63]**

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адамдардын коопсуздукка муктаждыгын жана алар ар дайым көзөмөлдө болбоорун жакшы билген. Ушинтип ал Меккеге жеңиш менен кирген мезгилде, өзүнүн душмандарына коопсуздукту камсыз кылды. Жалпыга кабарлап айтты: *«Абу Суфьяндын үйүнө кирген адам амандыкта, өз үйүндө калып, эшиктерин бекитип алган адам дагы амандыкта, Харам мечитине кирген адам амандыкта болот».*

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адамдардын жашоосундагы коопсуздуктун маанилүүлүгүн ачык-айкын түшүнгөн.

[63] Маида сүрөсү, 33-34-аяттар

Ошол себептүү, Меккени багындырып алгандан кийин эле эң биринчи эле пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адамдарга эскерткен нерсе бул адамдардын канын төгүүдөн тыюу болгон. Ал Нурлуу Мадинага келгенден бери элдин баары Ислам мамлекетинде өздөрүн коопсуздукта сезишкен. Коопсуздук жана жалпы тынчтык Аллахтын элчисинин мамлекетинин башынан эле эң алгачкы максаты болгон.

## Адеп-ахлактуулукту жана социалдык адепти куруу

Жалпы адамзат жана араб коому өздөрүнүн адеп-ахлагын бузушкан, бири-бирине жаман мамиле кылып, бири-бирин жек көрүшкөн. Аллахтын элчиси Мекке коомун ичинен өзгөртүү үчүн өтө күчтүү аракет менен олуттуу мамиле кылган. Анын аракетинен улам, Ислам жана ага байланыштуу мыйзамдар, адеп-ахлактык жана этикалык курулуш, эл арасындагы байланыш, жалпысынан коомдун өзүнчө өкүлдөрдүн арасындагы достук мамиле, тууган жана жакындардан, аталардан, балдардан баштап кенен жайылды. Мунун баары динди,

коомду жана адеп-ахлакты бириктирүүгө багытталган. Курайштар бул жолдо пайгамбарга (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) ар кандай тоскоолдуктарды көрсөтүшкөн. Ага даават кылууга тыюу салышып, Исламга түзмө-түз коркунуч туудурушкан. Жыйынтыгында, ага (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) жана анын сахабаларына зордук-зомбулук көрсөтүп, Аллахтын элчиси менен согушушту. Мунун баары өзүнүн адеп-ахлагы, этикасы жана бир туугандык байланыштыгы менен жаңы айырмалоочу мусулман коомун курууга башка орун издөөгө мажбур кылды. Натыйжада, Мадинага көчүү жана коопсуз, гуманисттик мусулман коомун куруу башталды. Мадинага мухажирлер көчүп барганда өздөрүнүн мусулман бир туугандары ансарлар менен боордоштукту түзүштү. Алардын ортосунда байланыш жана система орноп, адамдык коомунун таза жана бир туугандык байланышты сыртка чыгарган мусулман боордоштук деп аталып калды. Жараткан айткандай: **«Жер которгондор келгенге чейин орун**

**даярдашып, ыйманын бекем кармап, көчүп келгендерди сүйүшөт. Аларга берилген нерселер үчүн жүрөктөрүндө бир да кызганыч табышпайт. Жана өздөрүнө караганда өзгөлөрдү жогору коюшат, өздөрүндө жетишсиздик болуп турса да. Ким өз напсисин сараңдыктан сактаса, алар аныгында кутулуучулар».**[64]

Мадинага мусулмандар көчүп баргандан кийин сахабалар жана келечектеги бардык мусулман коомчулугу үчүн ынтымактуулук жана боордоштукту куруу башталган. Аллах айтты: **«Алардан кийин келгендер мындай дешет: “Эгебиз, бизди жана бизден мурун ыйманга келген туугандарыбызды кечир. Биздин жүрөгүбүзгө ыйман келтиргендерге кек салба. Эгебиз, Сен албетте Мээримдүү, Боорукерсиң».**[65] Жан-дүйнөнүн жана адеп-ахлактын баалуулугун тарбиялоо Исламдагы пайгамбарчылык дааваттын өзөгү болгон. Ал жөнүндө Жараткан

---

[64] Хашр сүрөсү, 9-аят

[65] Хашр сүрөсү, 10-аят

Аллахтын сөзүндө айтылат: **«Биздин аяттарыбызды окуп, силерди (күнөөдөн) тазалай турган, Китеп менен даанышмандыкты, силер мурда билбеген нерселерди үйрөтө турган бир элчини силердин араңардан жибердик»[66].**

Башка бир аятта мындай деп айтылган: **«Ал (Аллах) караңгы элге, алардын өздөрүнүн эле ичинен Пайгамбар жиберди, ал тигилерге Анын аяттарын окуп берет, аларды тазалайт, окууга жана акылман даңкка үйрөтөт: алар бир аз эле мурда анык адашкан, караңгы (эл) болушса деле».[67]**

Коом жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы жана өз ара мамилени орнотуу үчүн Исламдын ар кандай мыйзамдары жана өкүмдөрү түшүрүлгөн. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): «*Кайрымдуулук – бул жакшы мүнөз»* жана *«Силердин эң мыктыңар адеп-ахлагы жакшылары»,* – деп айтты. Ислам дини ата-энесине

[66] Бакара сүрөсү, 151-аят
[67] Жума сүрөсү, 2-аят

балдары жана ата-эне өз балдарына жакшы мамиле кылуууга үндөдү. Ыйык Куранда өзүнүн ата-энесине жакшы мамиле кылуу туурасында Кудайдын буйругу бар. Бул буйрук негизинен бир муун менен экинчи муундун ортосундагы мамилени жакшыртуу жана өз ара боорукердикти жана байланышты бекемдөө принцибин билдирет. Курандагы ата-энеге жакшы мамиле кылуу Жараткан Аллахка баш ийүү менен салыштырылат. Жараткан Аллах айткандай: **«Эгең силерге Анын Өзүнөн башка эч кимге сыйынбоону жана ата-энеңерге жакшылык кылууну буйруду. Эгер алардын бирөө, же экөө тең карылык куракка жетсе, аларга: "Уф-ф!" - дебе, зекибе! Жылуу-жумшак сөз сүйлө! Аларга мээримдүү канатыңды кенен жайып, "Эгем! Алар мени кичинемден чоңойтуп өстүргөндөй, аларды мээримиңе бөлө", – дегин».[68]**

Ыйык Куран бир туугандык байланыш менен туугандарга жакшы мамиле кылуунун маанилүүлүгүн

[68] Исра сүрөсү, 23-24-аяттар

ырастаган. Аллах айтты: **«Жакын туугандарыңарга, кедейлерге, жолоочуларга өз акысын бергиле, бирок ысырап кылбагыла».**[69] Аллахтын элчиси мусулмандардын баары үчүн Жараткан Аллах өзүнүн сөзүндө сыпаттагандай эң бийик адеп-ахлактын үлгүсү болгон: **«Сен – улуу кулк-мүнөз ээсисиң».**[70] Жараткан Аллах өзүнүн сөзүндө ыйман келтиргендерге пайгамбарыбыздан (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) үлгү алууга буйруган: **«Чындыгында, силер үчүн да, Аллахты, акырет күнүн үмүт кылгандар жана Аллахты көп эске алган адамдар үчүн да – Аллахтын элчисинде көркөм өрнөктөр бар».**[71] Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Мен эң жогорку адепти толуктоо үчүн жөнөтүлгөнмүн»,* – деп өзү айткан.

Аллахтын элчиси момун жана жөнөкөй адам болгон. Ооруган адамдарды зыярат кылган, жаназага катышкан, чакырыкка жооп берген. Адамдар

---

[69] Исра сүрөсү, 26-аят
[70] Калам сүрөсү, 4-аят
[71] Ахзаб сүрөсү, 21-аят

ордуларынан ал себептүү турганды жактырбайт эле. Жашы улгайган жана жаш муундар менен өзүн жөнөкөй алып жүргөн. Сахабалардын арасында отурган учурда чоочун бир адам келсе, Пайгамбарды (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) дароо таба албайт эле, анткени, анын атайын бир өзгөчө жайы болгон эмес. Ал айкөл адам болгон жана башкаларды дагы айкөл болууга үндөгөн. Ал берешен болгон жана башкаларга да берешендүү болууга үндөгөн. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) изгиликтүү жана пакиза адам болгон жана башкаларга дагы изгилүү жана пакиза болууга буйруйт эле. Пайгамбар (ага Аллахтын ыр айымы жана тынчтыгы болсун) башка адамдардан көз карандысыз, кайраттуу, момун жана сабырдуу болгонду жактырган. Элдерге момун жана сабырдуу болууга насаат кылган. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) боорукер болгон жана башкаларды дагы жумшак жана боорукер болууга буйруган. Мындан сырткары, пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы

жана тынчтыгы болсун!) дайыма таза жана тыкан, жагымдуу жыпар жыттанган. Адамдарды таза жана тыкан болууга, жыпар жыттарды колдонууга буйруган.

Ушул сыпаттардын башында Жараткан Аллахка карата болгон адеп-ахлагы турган. Тактап айтканда, таухидден баштап, Жалгыз Ага ибадат кылып ыраазычылык билдирүү, Ага тобокел кылуу жана өзүнүн Жаратканы туурасында жакшы ой жүгүртүү, Андан коркуу жана Жараткан ага ыроологон нерселерге ыраазы болуу, Жаратkандын ырайымын үмүттөнүү жана күтүү, жашыруун жана ачык нерселерде Аллахтын жазасынан коркуу, Жаратканды эстөөдөн кубануу, Ага шүгүр келтирүү жана Ага сыйынууда бардык ибадаттарды жакшы аткаруу эле. Жараткан Аллах айтты: **«Чындыгында, момундар – ийгиликке жетишти. Алар намаздарында коркуу менен (окушат). Маанисиз иштерден (сөздөрдөн) жүз үйрүшөт, алар зекетин да беришет».[72] «Мени**

[72] Муминуун сүрөсү, 1-4-аяттар

**эстегиле, (ошондо) Мен да силерди эстейм. Мага шүгүр кылгыла. Мага каапырдык кылбагыла».[73]**

Жараткан Аллах айтты: **«Эмне үчүн силер Аллахты улуктоону ойлонбойсуңар? Чындыгында Ал – силерди ар түрдүү баскычтарда жараткан – Аллах»[74]**, **«Сен кандай абалда болсоң да, Курандан эмнени окусаң да, силер эмнени кылсаңар да Биз күбө болуп турабыз. Себеби, силер ага чумкуп киресиңерби? Силердин Эгеңерден жер үстүндө да, асмандарда да кыпындын салмагындай эле, же андан азыраак, же андан көбүрөөк болсо дагы эч нерсе жашыруун эмес. Мунун баары ачык Китепте жазылган»[75].**

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Жараткан Аллахка карата такыба болуунун зарылчылыгын: *«Аллахтан чыныгы уялуу менен уялгыла! Өзүңөрдүн башыңарды жана башыңарга баткан нерсени дагы сактагыла! Өзүңөрдүн*

---

[73] Бакара сүрөсү, 152-аят

[74] Нух сүрөсү, 13-14-аяттар

[75] Йунус сүрөсү, 61-аят

*курсагыңарды жана (айланасындагы) ага баткан нерсени сактагыла, өлүмдү жана сыноону унутпагыла!»,* - деп эскерткен.

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Адамдарга караганда, Аллахтан көбүрөөк уялууга Анын укугу бар»,* – деп дагы айтты. Жараткан Аллахтын алдында эң мыкты кулк-мүнөздөрдүн бири – бул Ага тообо келтирүү, күнөөлөр үчүн кечирим суроо, Аллахка кайтуу жана Ага умтулуу. Жараткан Аллах Өзү айткандай: **«Аллахка гана шашылгыла. Анткени мен силер үчүн Андан (келген) тек гана ачык эскертүүчүмүн».**[76] Жараткан Аллах Өзүнүн кулдарына жыргалчылык жана кирешe Анын каалоосу менен гана келээрин эскертет: **«Силерге (келген) ар бир жакшылык – Алладан! Силерге зыян жетсе (гана) Аллахка жалбарасыңар»**[77] жана дагы: **«Мени эстегиле, (ошондо) Мен да силерди эстейм. Мага шүгүр кылгыла. Мага каапырдык**

[76] Зариат сүрөсү, 50-аят
[77] Нахл сүрөсү, 53-аят

**кылбагыла».**[78] Жараткан Өзүнүн асылзаттыгын, марттыгын, Өзүнүн маклуктарын колдогондугун жана кароосунда экендигин, аларга ар түрдүү жакшылык жана ырайым кылганын эскертет. **«Эрекекпи же аялбы ыйман келтирип, изги иштерди жасаса, ага мыкты жашоо беребиз. Ошентип, аларга кылган иштеринен жакшыраак сыйлык беребиз».**[79] Аллахка адептүү болуу – бул Ыйык Куранга дагы эң жакшы мамиле кылуу зарыл экендигине билдирет: **«Эгер Куран окулса, ырайым кылынышыңар үчүн аны унчукпастан (туруп) уккула!»**[80] Мусулман коомун тарбиялоодо милдеттүү түрдө кабыл алынып, киргизилген адепке Аллахтын элчисине тирүү кезинде жана каза болгон кезинде дагы жакшы мамиле кылуу. Куран аяттарында айтылгандай: **«Оо, ыймандуулар! Аллахтан жана Анын элчисинен алдыга умтулуп кетпегиле! Аллахтан корккула! Чындыгында Аллах – Угуучу, Билүүчү. Оо, ыймандуулар! Үнүңөрдү**

[78] Бакара сүрөсү, 152-аят
[79] Нахл сүрөсү, 97-аят
[80] Аъраф сүрөсү, 204-аят

**пайгамбардын үнүнөн бийик көтөрбөгүлө. Өз ара бири-бириңерге кыйкыргандай, пайгамбарга кыйкырып сүйлөбөгүлө! (Анткени) амалыңар жокко чыкканын силер сезбей каласыңар. Чындыгында, пайгамбардын алдында үнүн акырын чыгаргандардын жүрөктөрүн такыбалык үчүн Аллах сынаган эле. Аларга – кечирим жана улуу сый (бар). Чындыгында, бөлмөлөрдүн артынан сага кыйкыргандардын көбү акыл калчашпайт. Эгер сен алардын алдына чыкканга чейин сабыр кылышса, анда өздөрүнө жакшы болоор эле. Аллах – Кечиримдүү, Боорукер!»[81]** Ыйык Куран пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) буйруктарын аткарып, аларды бузбоого буйруган: **«Пайгамбардын чакырыгын өз ара бири-бириңердин чакырыгыңарга окшотпогула. Акыйкатта, Аллах силердин араңардагы жашырынып, билгизбей чыгып кетүүчүлөрдү билет. Андыктан, Анын буйругуна каршы чыккандар**

[81] Хужурат сүрөсү, 1-5-аяттар

**өздөрүнө (Аллахтан) бир апаат келээринен, же болбосо жан чыдагыс азап келээринен сактанышсын»,[82] «Аллах Өз элчисине айланадагы калаалардан берген нерселер: ал – Аллахка, Анын элчисине, пайгамбардын жакын туугандарына, жетимдерге, жарды-жакырларга жана жолоочуларга гана таандык; мунун себеби, силердин араңардагы байлардын гана колунда болуп калбашы үчүн. Пайгамбар силерге эмне алып келген болсо, аны алгыла; ал эмнеден тыйган болсо, андан тыйылгыла; Аллахтан корккула. Албетте, Аллах жазалоодо – катаал»[83], «О жок! Сенин Эгеңе ант, алар өздөрүндөгү талаш-тартышка сени калыс кылмайынча момун боло алышпайт. Андан соң алар сен кылган өкүмгө каршы болушпайт, ага толугу менен моюн сунушат».[84]** Бул аят Аллахтын элчисине карата мусулмандар жакшы адеп көрсөтүүсүн милдет кылганын тастыктап жатат. Эгер мусулмандар бир иште

[82] Нур сүрөсү, 63-аят
[83] Хашр сүрөсү, 7-аят
[84] Ниса сүрөсү, 65-аят

чогулушса, пайгамбардан (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) уруксат сурамайынча, аны таштабоо зарыл: **«Акыйкатта, момундар – Аллахка, Анын пайгамбарына ыйман келтиришип, эгер алар пайгамбар менен бирге бир жыйналышта болушса, пайгамбардан уруксат алмайынча кетишпейт. Ырасында, сенден уруксат сурагандар – мына ошолор Аллахка, пайгамбарга ыйман келтиргендер. Алар кээ бир жумуштары үчүн уруксат сурашса, каалаганыңа уруксат бер жана алар үчүн Аллахтан кечирим сура. Чындыгында, Аллах – Кечиримдүү, Мээримдүү! Пайгамбардын чакырыгын өз ара бири-бириңердин чакырыгыңарга окшотпогула. Акыйкатта, Аллах силердин араңардагы жашырынып, билгизбей чыгып кетүүчүлөрдү билет. Андыктан, Анын буйругуна каршы чыккандар өздөрүнө (Аллахтан) бир апаат келээринен, же болбосо жан чыдагыс азап келээринен сактанышсын»[85].** Жараткан пайгамбарга (Ага

[85] Нур сүрөсү, 62-63-аяттар

Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) кулак салып, ага баш ийүүнү буйруган: **«Чындыгында, момундардын араларында өкүм берүү үчүн Аллахка жана Анын элчисине чакырылганда, алардын сөзү: "Уктук, моюн сундук",– деген (гана) сөз болот. Ошолор – ийгиликке жетүүчүлөр. Кимде-ким Аллах менен Анын пайгамбарына баш ийсе, ошентип, Аллахтан коркуп, такыба болсо, мына ошолор – жеңишке жеткендер. (Эй, Мухаммед! Мунафыктар): "Эгер буйрук берсең, албетте, (согушка) чыгабыз", – деп Аллахтын аты менен ант ичишет. Аларга: "Ант ичпей эле койгула! (Канчалык) моюн сунганыңар маалым. Чындыгында, Аллах эмне жасап жатканаңарды жакшы Билүүчү!", – деп айткын. (Аларга): "Аллах менен Анын пайгамбарына моюн сунгула!", – деп айт. Эгер моюн сунуудан баш тартсаңар, чындыгында, пайгамбар өзүнө жүктөлгөнгө, а силер өзүңөргө жүктөлгөндөргө гана (жооп берүүгө) милдеттүүсүңөр. Ал эми пайгамбарга моюн сунсаңар, анда туура жолду табасыңар.**

**Ошентип, ачык-айрым кылып силерге жеткирүү гана пайгамбарга милдет»[86].**

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өмүр бою такыба жана токтоо болгон жана мусулмандарды дагы ошол нерсеге үндөгөн. Аны (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) тазалыкта, башка адамдардын сезимин сыйлоодо, тамактанууда, кийинүүдө, сырткы келбетте эң бийик сыпаттар жана эпитеттер менен сыпатташкан. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) эл арасында сүйүү жана тынчтык жайылтууга буйруган. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Кыямат күнү мага эң жакын отурган, менин сүймөнчүлүгүмө ээ болгон адам туурасында силерге кабар берейинби? Силердин мага эң сүйүктүүңөр жана кыямат күнү мага эң жакыныңар – адеп-ахлагы эң бийик болгонуңар. Жумшак, өзүнүн өнөктөштөрү менен элпек жана жумшак көңүл, элдерди сүйгөн жана эл*

---

[86] Нур сүрөсү, 51-54-аяттар

*дагы аны сүйгөн болот»*, – деген. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Кимде-ким тозоктон куткарылып, бейиш менен сүйүнчүлөнгөн болсо, анда ал өлүм төшөгүндө Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Зат жок, Мухаммад Анын кулу жана элчиси деп күбөлүк келтирсин. жана өзүнө эл кантип келүүсүн каалаcа, ал дагы элдерге ошондой келсин»*, – деп айткан.

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Менин жаным колунда болгон Затттын аты менен касам ичемин! Силер ыймандуу болмоюнча, бейишке кирбейсиңер. Силер бири-бириңерди жакшы көрмөйүнчө, ыймандуу боло албайсыңар. Силерге бири-бириңерди жакшы көрдүрө турган амалды айтайынбы? Араңарда саламды жайылткыла!»* – деп дагы айткан. Аллахтын элчиси кичинекей жаш балдар менен дагы өтүп баратып саламдашаар эле.

Жараткан Аллах Өзүнүн кулдарына уруксат сурооого жана саламды (учурашууну) жайылтууга

буйруган, Ал (Аруу жана Улук) Өзүнүн сөздөрүндө айтты: **«Оо, момундар! Өз үйлөрүңөрдөн башка үйлөргө уруксат алмайынча жана үй ээсине салам бермейинче кирбегиле. Бул – силер үчүн жакшы. Мүмкүн эсиңерге келээрсиңер».**[87] Коомдун адеп-ахлак негизин курууда Ыйык Куран жөнөкөйлүк, элдерди тынчтык менен саламдашуу принцибин бекитти. Жараткан Аллах айтты: **«Мээримдүүнүн пенделери жер үстүндө тынч абалда жүрүшөт жана аларга наадандар тил тийгизсе: “Тынчтык (каалайм)!” – дешет».**[88] **«Жер жүзүндө менменсинип жүрбө. Анткени сен жерди теше албайсың жана тоого тең боло албайсың».**[89] **«Адамдарга кекирейбе жана жер үстүндө текеберлене баспа. Акыйкатта, Аллах бардык мактанчаактар менен кекирейгендерди сүйбөйт. Жүрүшүңдү орточо кыл, үнүңдү басаңдат. Анткени, үндөрдүн эң жаманы эшектердин үнү».**[90]

---

[87] Нур сүрөсү, 27-аят
[88] Фуркан сүрөсү, 63-аят
[89] Исра сүрөсү, 37-аят
[90] Лукман сүрөсү, 18-19-аяттар

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адамдарга үй-бүлөдө жана коомчулукта бири-бирин сүйүүгө жана достукка себеп болгон жумшак мүнөз жана жумшактыкты көрсөтүүнү дагы буйруган. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Чындыгында, Аллах ар бир иште жумшактыкты жакшы көрөт»,* – деп айтты. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Кайсыл жерде жумшактыкты көрсөтпөсүн, ал ошол нерсени коездоп коет»,* – деген. Аллахтын элчиси өзүнүн жашоосунда өзүнүн сахабаларына карата жумшактык жана боорукердикти көрсөткөн. Аллах ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) тууурасында эскерет: **«Аллахтын ырайымы менен сен аларга жумшак мамиле кылдың. Эгерде сен каттуу жүрөк, орой болгонуңда, анда алар сенин айланаңдан чачылып кетмек. Аларды кечир жана алар үчүн кечирим сура. Бирок иш тууралуу алар менен кеңеш. Эгер чечим кабыл алган болсоң, анда Аллахка тобокел кыл! Аллах**

**Өзүнө тобокел кылгандарды сүйөт».**[91] Жумшактык жана боорукердик менен Аллахтын элчисинин сүйүүсү өзүнүн үммөтүнө жана анын мүчөлөрүнө карата көрүнгөн: **«Чындыгында, силерге өз араңардан (чыккан) ызаттуу элчи келди. Ага силердин түйшүгүңөр оор келсе да, ал силерге өтө камкор. Момундарга мээримдүү, боорукер».**[92] **«Каапырлардын кээ бирлерине, биз пайдаландырган нерселерге көз артпа. Алар үчүн капаланба, момундарды канатыңа калкала».**[93] **«Момундардан сени ээрчигендерге канатыңды жай».**[94]

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) ырайымдуулуктун, берешендиктин, сылыктыктын жана адеп-ахлактын үлгүсү болгон. Аны Хадижа (Аллах андан ыраазы болсун!) сезген, Жараткан Аллах тарабынан вахий келе баштаган учурда: «Жок! жок! Аллахтын аты менен ант ичемин! Аллах сага

[91] Аалу Имран сүрөсү, 159-аят
[92] Тауба сүрөсү, 128-аят
[93] Хижр сүрөсү, 88-аят
[94] Шуара сүрөсү, 215-аят

окшогон бир кулун эч качан уятка калтырбайт. Туугандарың менен жакшы мамиледесиң. Бей-бечарага жардам бересиң. Ач, кедей-кембагалдарга үйүңдүн эшигин ачып, аларды сый конок кыласың. Жамандык, кырсыкка учурагандарга жардам бересиң», – деп анын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) коркунучун Аллахтын элчисинин бийик адеп-ахлактыгын эскертүү менен тынчтандырды. Бул нерседе түзмө-түз мусулман үммөтүнө: «Үлгүлүү мүнөз жана асыл сыпаттар – бул алгачкы жамандык менен күрөшүүнүн жоктугунун себептери», – деген көрсөтмө бар.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Меккеге жеңүүчү болуп киргенде, ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) өтө жөнөкөйлүк менен башын ылдый салып, кекирейбестен, өөдөсүнбөй жана менменсинбей бара жатты. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) дайыма алсыз аялды же жаш баланы көрсө токтоп, аларга кулак салып жана сүйлөшүп, алардын

көйгөйлөрүн жана муктаждарын чечип берет эле. Анас (Аллах андан ыраазы болсун!) жеткирген хадис, бул көрүнүштүн маанисин жакшы айтып берет: «Аллахтын элчиси ар дайым ооруларды зыярат кылган, дайыма жаназага катышкан (каза тапкан адамга сый көрсөтүп), эшек минип жүргөн, кулдардын чакырыгына жооп берген». Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) эч качан өзүнүн артына башка адамды же жаш баланы отургузуудан жийиркенбейт эле. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) дайыма өзүнүн артына Усама ибн Зайдды (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) отургузуп алат эле. Кээде өзүнүн аялдарынын бирөөсүн дагы отургузуп алаар эле. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Жараткан Аллах бири-бириңерге жөнөкөй болушуңар үчүн жана бирөөңөр дагы өзүн мактанып бой көтөрбөө үчүн мага вахий түшүрдү»,* – деп айтты.

Аллахтын элчиси сапарда болгон мезгилде, өзүнүн сахабалары менен чогуу эмгек кылган. Ал (Ага

Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) отун ташып, иштин бир бөлүгүн башка адамдар сыяктуу эле аткарган. Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) мечиттин курулушуна катышкан, андан сырткары өзүнүн үй-бүлөсү менен үй иштерин бөлүштүрүп алган: «Бардык үй-бүлө мүчөлөрү алектенгендей эле, ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) дагы иш кылган». Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) жөнөкөйлүккө көнүп калган, Ыйык Куранда аны дал ошол сыпаты менен сыпаттаган: **«Оо, момундар! Пайгамбардын үйлөрүнө силерге (кирүүгө) уруксат берилмейинче кирбегиле да, тамактын бышышын да күтпөгүлө. Бирок, (атайы) чакырылган болсоңор киргиле да, тамак желип бүтөөр менен дароо таркагыла. Сөзгө алаксып калбагыла. Чындыгында, анда пайгамбарга зыян (ыза) кылып койосуңар, а ал силерден уялат. Бирок, Аллах чындыктан уялбайт. Эгер пайгамбардын жубайларынан бир нерсе сурасаңар, парданын**

**артынан сурагыла. Бул – силердин да, алардын да жүрөктөрүнүн тазалыгын (билдирет). Ошентип, силер Аллахтын элчисине зыян кылып койбос үчүн, андан кийин анын жубайларын никелеп алууга да такыр болбойт. Андай кылсаңар – Аллах алдында чоң күнөө (болот)».[95]**

Жараткан бизди тең салмактуулукка жана дүйнө менен акырет жашоосунун мейкиндигине, дүйнө жашоосу жана анын кооздугу адамдын эң баштапкы камы болбош керектигине чакырат: **«Аллахтын сага берген дөөлөтү аркылуу акырет конушуна жетүүгө умтул да, бул дүйнөдөгү ырыскыны да унутпа. Аллах сага жакшылык кылгандай, сен да жакшылык кыл. Жер бетинде бузукулук кылууну көздөбө. Аллах бузукуларды сүйбөйт».[96]**

Аллахтын элчиси өзүнүн сахабаларына болгон катуу сүйүүсүн билүүлөрүн каалаган. Дал ушул үчүн бир күнү Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы

[95] Ахзаб сүрөсү, 53-аят
[96] Касас сүрөсү, 77-аят

жана тынчтыгы болсун!) Муаз ибн Жабаль (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) менен сүйлөшүп жаткан мезгилде: *«Оо, Муаз! Аллахтын аты менен касам ичем, Мен сени жакшы көрөм. Мен сага ар бир парз намаздан кийин ушул сөздөрдү айтууну унутпооңду осуят кылам – «Аллахумма ‘аинни аля зикрика ва шукрика ва хусни ибадатика»,* тактап айтканда, «Оо, Аллах! Сени зикр кылууга, Сага мактоо айтууга жана Сага мыкты ибадат кылууга жардам бере көр!» – деп ага айтты. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Кимде-ким өзүнүн мусулман бир тууганын жакшы көрсө, ага билдирип койсун»,* – деп айткан.

Аллахтын элчиси башкаларды дагы адамдардын арасында сүйүүнү жайылтууга, бири-бирин зыярат кылууга, белек берүүгө жана бири-бирине жылмаюуга кызыктырган. Мисалы, жылмаюу туурасында: *«Сенин мусулман бир тууганыңа карап, жылмаюуң бул сен үчүн садака»,* – деп айткан. Жараткан Аллах Өзүнүн пайгамбары аркылуу

мусулмандарды бири-бири менен эң жакшы сүрөттө саламдашууну үйрөткөн. Аллах таала мындай дейт: **«Качан силерге салам берилсе, силер алардын саламынан жакшыраак алик алып саламдашкыла же анын өзүн эле кайтаргыла. Акыйкатта, Аллах ар бир ишти Эсептөөчү».**[97] Имам Бухари өзүнүн жыйнагында бир китепти белгилеп, аны «Уруксат берүү китеби» деп атаган. Анын ичинде «Саламды жайылтуу – Исламдын бир бөлүгү» деген бөлүм келтирилет. Ал дагы өзүнүн жыйнагында, «Ыйман» китебинде, бир бөлүмдү белгилеп, «Салам – Исламдын бөлүгү» деп атаган. Имам Тирмизи өзүнүн «Сунан» деген жыйнагында бир бөлүмгө саламдын артыкчылыгы жөнүндө баяндалганын жазган.

Ыйык Куран адамдарды бири-биринен өзгөчөлөнгөндөн тыйып, алардын тамыры, атасы бир экенин эскерткен. Ыйык Куран мусулмандарга башка адамдарды шылдыңдоого жана кемсинтүүгө тыюу салган. Жараткан Аллах: **«Оо, ыймандуулар! Бир эл**

[97] Ниса сүрөсү, 86-аят

**экинчи (башка) бир элди шылдыңдабасын: (Анткени) балким, алар тигилерден мыктыраактыр; ошондой эле аялдар да башка бир аялдарды шылдың кылышпасын: мүмкүн тигилер беркилерден мыктыраак. Өзүңөрдү (бири-бириңерди) жемелебегиле! Бири-бириңди жакпаган аттар менен атабагыла! Ыйманга келгенден кийинки бузукулук – кандай ыплас! Кимде-ким тообо кылбаса, демек, алар – заалымдар. Оо, ыймандуулар! Шектенүүлөрдүн көпчүлүгүнөн арылгыла. Анткени, айрым шек саноолор – күнөө. Бири-бириңерди аңдыбагыла жана бири-бириңерди артыңардан тилдебегиле. Силердин араңардан ким өлгөн бир тууганынын этин жешти жакшы көрсүн?! Силер аны жактырбайсыңар! Аллахтан корккула. Чындыгында Аллах – тооболорду Кабыл Кылуучу, Боорукер. Эй, адамдар! Биз силерди эркек-ургаачыдан жараттык. Ошондой эле бири-бириңерди таанып-билишиңер үчүн урууларга жана элдерге бөлүп койдук. Аллахтын алдында силердин**

**эң сыйлууңар – такыбараагыңар. Чындыгында, Аллах – (баарын) Билүүчү, (баарынан) Кабардар!»**[98] – деген**.**

Ыйык Куран момун мусулмандардын ортосунда бир туугандыкты бекемдеди: **«Чындыгында ыймандуулар – бир тууган. Ошондуктан бири-бириңердин ортоңорду түздөгүлө! Аллахтын ырайымына ээ болуу үчүн Андан корккула!».**[99]

Мындан сырткары, Жараткан эгер мусулмандар бири-бири менен урушуп, талашып-тартышып жатышса, аларды элдештирүүнү буйруган. Заалымдыкка жана кылмышка каршы турууга, өзүн-өзү өнүктүрүүгө буйруган: **«Ыймандуулардан эки коом бири-бири менен согуша турган болсо, алардын ортосун түзөгүлө. Эгер бири-экинчисине зомбулук кылса, анда баш тарткан тарабы менен Аллахтын эркине алар баш ийгенге чейин согушкула. Ал эми баш ийишсе, адилеттүүлүк менен элдештирип,**

[98] Хужрат сүрөсү, 11-13-аяттар
[99] Хужрат сүрөсү, 10-аят

**адилет болгула! Чындыгында, Аллах адилеттүүлөрдү жакшы көрөт».**[100] Аллахтын элчиси жалаа жабууга жана куру айыптоону тыйган. Бири-бирин жек көрүүнү жана ал нерсеге алып бара турган амалдарды аткарууга тыюу салган: *«Исламдагы өзүнү мусулман бир тууганын жаман көрүү – бул жетиштүү зыян».* Аллах айткандай: **«Адамдарга кекирейбе жана жер үстүндө текеберлене баспа. Акыйкатта, Аллах бардык мактанчаактар менен кекирейгендерди сүйбөйт».**[101] Жараткан Өзүнүн сөзүндө адамдарга кечиримдүү болууга жана кечирүүгө буйруган: **«Оо, ыймандуулар! Өлтүрүлгөндөр үчүн өч алуу (да) силерге буйрулду: азат (адам) үчүн – азат (адам); кул үчүн – кул; аял үчүн – аял (жазалансын). Ким анын тууганы тарабынан кечирилсе, анда, жакшылыкты ээрчип, жакшылыкча аткаруу зарыл. Бул – Аллахтын жеңилдиги жана Ырайымы. Ал эми ким андан кийин чектен ашса, анда ага – оорутуучу азап**

[100] Хужрат сүрөсү, 9-аят
[101] Лукман сүрөсү, 18-аят

**(бар)».[102] «Силерден кеңчилик, молчулукка ээ болгондор, (өзүнүн) жакындарына, карып-мискиндерге, Аллах жолунда көчкөндөргө Аллах жолунда бербөөгө ант ичпесин. Кечиришкиле жана элдешкиле. Аллахтын силерди кечиришин каалабайсыңарбы?! Аллах – Кечиримдүү, Боорукер!»[103] «Жамандыктын жазасы ал сыяктуу эле жамандык. Ким кечирсе жана жарашса, анын сыйлыгы Аллахка таандык. Анткени ал адилетсиздерди сүйбөйт»,[104] «Жакшылык менен жамандык тең эмес. Жамандыкты жакшылык аркылуу жойгун. Ошентсең сени менен анын ортосунда душмандык болгон адам да өтө жакын достой болуп кетет»[105]** жана **«Кеңиричиликте да, жетишсиздикте да Аллах жолунда сарптагандар, ачуусун сабыр менен баскандар, адамдарга**

[102] Бакара, 178-аят
[103] Нур сүрөсү, 22-аят
[104] Шуура сүрөсү, 40-аят
[105] Фуссилат сүрөсү, 34-аят

**кечиримдүү болгондор – (ушулар такыбалар)! Аллах – жакшылык кылуучуларды сүйөт!»**[106]

Биримдик, башкаларга аяр мамиле кылуу, араздашкандарды элдештирүү мунун баары эң бийик моралдык жана адеп-ахлактын түркүгү менен мүчөлөрү бири-бири менен тыгыз байланышта болгон мусулман коомун түзүүгө багытталган: **«Жашыруун сүйлөшүүлөрдүн көпчүлүгүнөн жакшылык жок. Ал эми ким бул иштерди Аллахтын ыразылыгына жетүүгө аракет кылып жасаган болсо, ага Биз зор сыйлык тартуулайбыз».**[107]

Аллахтын элчиси өзүнүн сахабаларына боорукердикти көрсөтүүнү буйруган жана өзүнүн үммөтүнө аны осуят кылган. Ал адамдарга дайыма бири-бирине жакшы сыпаттарды эскертип турууларын буйруган. Куранда мындай деп айтылган: **«Андан соң ал ыйман келтирген, сабырдуулукка үндөгөн жана**

[106] Аалу Имран сүрөсү, 134-аят
[107] Ниса сүрөсү, 114-аят

**ырайымдуулукка чакыргандардын арасында болот».**[108]

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): «Аллах Өзүнүн боорукердигин боорукер кулдарына көрсөтөт», «Жер үстүндөгүлөргө боорукердик кылгыла, ошондо силерге асмандагылар боорукердик кылат», - деген насаат сөздөрүн айтып кеткен. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) бардык мусулмандарга бири-бирине боорукердик кылууну бекем эреже кылган. Алланын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Момундардын бири-бирине мээрими, ырайымы жана камкордугу кудум бир дене сыяктуу. Ушул дененин бир мүчөсү ооруп калса, калган бардык мүчөлөрү да ушул мүчө үчүн ысытмалап, кам көрүп чыгат»,* – деген.

Аллахтын элчиси үчүн намаз окуу – бул эң маанилүү ибадаттардын бири болгон. Ошондой болсо

---

[108] Балад сүрөсү, 17-аят

дагы, ал кээ бир учурда балдарга ырайымдуу болгондуктан улам, намазга бейгамдык кылат эле. Имам Бухари Катададан хадис келтирет, Аллахтын элчиси: *«Чындыгында, мен намаз окуп жатып, аны узарткым келет. Бирок мен баланын ыйын угуп, аны кыскартам. Анткени, баланын энеси анын ыйлаганынан канчалык кыйналаарын билемин»*, – деп айтаар эле.

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) кулдарга жана туткундарга карата ырайымдуу болгон. Кулду азат кылуу – бул инсанды Жараткан Аллахка жакындата турган эң бир бийик амалдардын бири катары белгиледи. Андан сырткары, бул амалды көп түрдүү каффаратка кошту. Ислам чынында өзүнөн кийинки тарыхына кулчулук үчүн эшиктерди жапты. Пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) доорунда жана ал каза болгондон кийин дагы кулчулук көптөгөн кылымдар бою бардык системаларда жана мыйзамдарда гүлдөгөн. Аллахтын элчиси аларга жакшы мамиле кылууга осуят кылып: *«Силердин кулдарыңар бул*

*силердин бир туугандарыңар. Жараткан Аллах аларды силердин кол астыңарда кылып койду. Кимдин кол астында бир тууганы болсо, аны өзү жеген нерсе менен тамактандырсын, өзү кийген кийимди кийгизсин, анын колунан келбеген ишти аткарууга мажбурлабасын. Эгер аларга бир ишти дайындасаңар, аларга жардам бергиле. Бирөөңөр дагы «Менин кулум» же «Менин күңүм» деп айтпагыла! «Менин кызматкерим» же «Менин үй кызматкерим» деп айткыла!»,* – деп буйруган.

Мындай бирдиктүү ырайым жана бийик моралдык сыпаттар бир гана адамга карата чектелген эмес. Ислам мыйзамдары айбандарга дагы ырайым кылууну милдеттендирет. Аларга аяр мамиле кылуу, тамактандыруу, шылдыңдабоо жана зыян келтирбөө, мыкаачылык кылбоо жана аларды себепсиз же пайдасыз өлтүрбөө. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Сыйлык бардык тирүү жандыктарга жакшы мамиле кылуу үчүн болот», «Башка бирөөгө ырайым кылбаганга, ырайым*

*кылынбайт», «Аял мышыкты камап коюп, ал өлүп калганга чейин чыгарбай койгондугу үчүн жазаланат. Ал аны камап алып, тамак бербегендиктен тозокко түшөт. Аял мышыкка өз тамагын таап жеш үчүн мүмкүнчүлүк берген эмес»,* – деп айткан. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Аллах ар бир жаны бар макулукту атуу үчүн мээлеген адамды каргайт»,* – деген.

Ал эми адамды өлтүрүү же ага зыян берүү андан бетер чоң күнөө экени шексиз! Айбанаттарга тиешелүү болгон бул укуктук өкүмдөр азыркы заманбап аалам уга электен мурда эле Ислам аны тажрыйбага киргизген. Бул нерседе Ислам заманбап коомдон көптөгөн кылым алдыга кетти. Эң негизгиси айбандарга ушундай мамиле кылуу – Аллахтын ырайымы. Жер бетиндегилердин баарына ырайым болуу үчүн, Ал аны Өзүнүн момун кулдарына мыйзам катарында орнотту.

Эркек жана аялдарга адамдарга жардам берүүнү, муктаждарга кам көрүүнү, башка адамдарга зыян келтирбөөнү Ислам милдет кылган. Аллах бири-

бирине тыгыз байланышта болгон өзүнүн аяттарында мындай дейт: **«Силерден кеңчилик, молчулукка ээ болгондор, (өзүнүн) жакындарына, карып-мискиндерге, Аллах жолунда көчкөндөргө Аллах жолунда бербөөгө ант ичпесин. Кечиришкиле жана элдешкиле. Аллахтын силерди кечиришин каалабайсыңарбы?! Аллах – Кечиримдүү, Боорукер! Акыйкатта, абийирдүү, ак ниеттүү момун аялдарга жалаа жапкандар – бул дүйнөдө да, акыретте да, каргышка калышат. Албетте, алар үчүн чоң азап бар. Кыямат Күнү аларга тилдери, колдору, буттары эмне иш кылгандарына күбө болушат. Ошол Күнү Аллах аларга ылайыктуу жазасын толук берет. Анткени, алар Аллахтын (бар экени) ачык Акыйкат экенин билишет».**[109]

Ыйык Куран мусулмандарга өз кошуналарына жакшы мамиле кылууга, аларга жардам берүүгө жана жакшылык жасоого милдеттендирген. **«Аллахка табынгыла жана Ага эч кимди шерик кылбагыла!**

[109] Нур сүрөсү, 22-25-аяттар

**Ата-энеңерге, туугандарыңарга, жетимдерге, кедейлерге, жакын тууган коңшуларга жана тууган эмес кошунага, кесиптеш жолдошко, жолоочуга жана сенин кол алдыңдагыларга жакшылык кылгыла! Акыйкатта, Аллах текебер жана мактанчаактарды сүйбөйт».**[110]

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Аллахка жана акырет күнүнө ишенген адам кошунасына зыян келтирбесин», «Жабраил мага кошунага жакшы мамиле кылуу тууралуу насыяттарын көп айткандыктан, мен аны (кошунаны) ал тургай мураскорлордун катарына кошот окшойт деп ойлогом», «Аллахка ант, ал толук ыйман келтирген болбойт! Аллахка ант, ал толук ыйман келтирген болбойт! Аллахка ант, ал толук ыйман келтирген болбойт!»* деп айтты. Андан: *«Оо, Аллахтын элчиси, ал ким?»* – деп сурашты. Ал: *«Кошунасы анын жамандыгынан кооптонгон адам», –* деди. Кошуналарга жакшы мамиле кылуу боюнча

[110] Ниса сүрөсү, 36-аят

көрсөтмөлөр бир гана мусулман кошуналарды эмес, башка дин өкүлүнө дагы тиешелүү. Бул буйрукту ачык-айкын башка дин өкүлү болгон кошуналарына карата, мусулмандарга эч бир зыян тийгизбегендерге Куран аяттарынан окуп алса болот: **«Аллах диниңер үчүн силер менен согушпагандарга жана мекениңерден кууп чыкпагандарга жакшылык кылууңарга жана аларга адилеттүү болууңарга тыюу салбайт. Акыйкатта, Аллах адилеттүүлөрдү сүйөт. Аллах силердин диниңер үчүн силер менен согушкандар жана силерди үй-жайыңардан кууп чыккандар жана да силерди кууп чыгууда бири-бирине жардам бергендер менен достошууңарды тыят. Ким алар менен достошсо, анда алар Аллахтын алдында – адашкандардан (болот)».[111]**

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) согуш учурунда мусулмандардын колуна түшүп калган туткундарга дагы төмөнкү Куран аяттарына таянып, жакшылык

[111] Мумтахана сүрөсү, 8-9-аяттар

кылууга буйруган: **«Алар өздөрү ачка болуп турса да жетимдер, туткундар жана жакырлар менен ырыскыларын бөлүшүшөт: Биз силерден ыраазылык да, сый да күтпөстөн Аллахтын ыраазычылыгы үчүн гана тойгузабыз!»**[112]

Аллахтын элчиси сахабаларына Бадр согушунда туткунга түшкөндөргө дагы жакшы мамиле кылууга буйруган. Бизге билгилүү болгондой, алар Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) эң ашынган душмандары болгон. Мусулмандар өздөрү жеген тамактан, аларга дагы беришкен, аларга жакшы мамиле көрсөтүшкөн. Мунун баары аларга аябай таасирин тийгизип, ошол себептүү кээ бири Ислам динин кабыл алышкан.

Мусулман коомунун эң жакшы кулк-мүнөзү жана сыпаттарынын бири бул айкөлдүк жана кайыр садака. Исламда кайыр садака чынында бардык тармактарда колдонулат. Ал зекет же садака түрүндөгү финансылык чегерим болсун, бардык жайларда өзүнүн

---

[112] Инсан сүрөсү, 8-9-аяттар

маанилүүлүгү жагынан намазга салыштырылган. Мисалы: **«Чындыгында инсан сабырсыз жаратылган. Эгер ага жамандык келсе аябай тынчы кетет. Байлык келсе сараң болуп калат. Намаз окугандар гана андай эмес; Алар ар дайым намаздарында болушат; Жана алардын байлыктарында белгилүү үлүш бар: Тилемчи менен колунда жокторго. Кыямат Күнүнө ишенгендерге»**[113], **«Алсак, кимде-ким берешендик кылса жана такыба болсо, Жана да (ал) Бейишти чын деп билсе, Биз анын жолун жеңил кылабыз. А кимде-ким сараңданса жана текеберденсе, Бейишти жалган десе, Анда Биз анын жолун кыйынчылыкка бурабыз. Жана ал тозокко ташталганда, аны мал-мүлкү куткара албайт. Туура жолго багыттоо Бизге гана таандык. Анткени, Акырет жашоосу да, бул дүйнө жашоосу да Бизге гана тиешелүү»**[114], **«(Каапырларды) Туура жолго түшүрүү – сенин**

---

[113] Маариж сүрөсү, 19-26
[114] Лайл сүрөсү, 5-13-аяттар

**милдетиң эмес. Бирок, Аллах кимди кааласа туура жолго салат. Жакшылыктан эмне сарптасаңар да, өзүңөр үчүн. Аллахтын ыраазылыгын гана көздөп сарптагыла! Жакшылыктан эмне сарптасаңар (ал) силер үчүн толук берилет жана силер адилетсиздикке кабылбайсыңар»,[115] «Эй, ыйман келтиргендер! Силерге берген ырыскыбыздан соодалашуу, достук, жан тартуу болбой турган Күн келгенге чейин Аллах жолунда сарптагыла. Каапырлар – алар заалымдар»[116].** Асыл хадистердин биринде Аллахтын элчиси: «Чындыгында, Аллах берешен жана берешендүүлүктү жакшы көрөт», – деп айткан. Адамдарды акча себептүү ачуулануудан, ичи тардыктан, душмандыктан жана киши өлтүрүүдөн алыстатуу үчүн Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Сараңдыктан корккула, анткени чындыгында, сараңдык силерге чейинкилерди*

---

[115] Бакара сүрөсү, 272-аят

[116] Бакара сүрөсү, 254-аят

*кан төгүүгө түртүп, арам нерселерди жасоого мажбур кылып, (акыры) аларды кыйратып тынган»*, – деди.

Мусулман үммөтүн жана коомун берешендиктин жана кайыр садаканын негизинде куруу үчүн Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) бул асыл насааттарды өмүрүнүн аягына чейин колдонгон. Пайгамбардын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) мындай адеп-ахлагына күбө болгон эл, аны эң асыл жана берешен адам деп аташкан.

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) адамдарга арзыбаган аз гана нерсе болсо дагы, кайыр-садака таратууга үндөгөн: *«Өзүңөрдү тозоктун отунан жарым курма менен болсо да куткаргыла».* Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) доорунда мусулмандар кайыр-садака берүүдө, мал-байлыктарын муктаж мусулмандарга, аскердин даярдыгына, Аллахтын элчисинин (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) конокторун тосууга сарптоодо бири-

бири менен жарышкан. Алардын башында дайыма Усман ибн Аффан турган, ал жалгыз өзү Табук согушунда «Кыйын кырдаал» аскерин даярдаган.

Келишимди сактоо пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) жана бардык мусулмандардын өзгөчө сыпаттарынын бири болгон. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) бул эрежени өзүнүн досторуна жана душмандарына дагы колдонгон. Жараткан Аллах айтты: **«Жүзүн Чыгышка, же Батышка буруу эле жакшылык эмес. Жакшылык бул – Аллахка, Кыямат Күнүнө, периштелерге, Китептерге, пайгамбарларга ыйман келтирүү. Жакындарына, жетимдерге, кедейлерге, жолоочуга, тилемчилерге, күң-кулдарга жакшы көргөнүнө карабай мал-дүнүйөсүн бергендер, намаздарды толук окугандар, садака бергендер; эгер убада берсе убадасына тургандар; кедейликте, кырсыкта жана согушта сабырдуу болгондор. Ушулар – чынчылдар, мына**

**ушулар – такыбалар»**[117], ошондой эле **«Эй, момундар! Убадаларыңарды аткаргыла. Силерге ихрамда аңчылыкты адал санабоо шарты менен түшүндүрүлө турган айбанаттардан башкалары адал кылынды. Чындыгында, Аллах каалаганын өкүм кылат».**[118]

Аллахтын элчиси Мадинанын айланасында жашаган көптөгөн уруулар менен сөз алышып, алар менен келишимдерди түзгөн жана мойнуна алган милдеттерин так аткарган. Мындан сырткары, ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Мадинага көчүп келгенде, жөөттөр менен келишим түзгөн. Түзүлгөн келишимди алар бузса дагы ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) аягына чейин сактаган. Курайшиттер менен дагы Худайбияда келишим түзгөн. Алар алсыз мусулмандарга карата кысымчылык көрсөткөнүн билип турса дагы ал келишимди сактаган. Эгер бир тараптан келишим

---

[117] Бакара сүрөсү, 177-аят

[118] Маида сүрөсү, 1-аят

бузулса, Ислам коюлган милдеттерди четке кагып, жүзү каралык менен келишимди бузбастан, ачык жарыя кылуусун милдеттендирет. «**Эгер сен кыянаттарынан корксоң, алар менен болгон келишимди тегиз үз. Акыйкатта Аллах кыянаткерлерди сүйбөйт».**[119]

Жараткан жүктөлгөн милдеттерди аткарууга, аларды бузбоого жана келишилген мөөнөттү сактоого буйруйт. **«(Бул) Аллахтан, Анын элчисинен мушриктерге эскертүү. (Эй, мушриктер!) Жер жүзүн төрт ай кыдыргыла. Чындыгында Аллахтан кутула албашыңарды жана Аллах каапырларды кордоорун билгиле. Чоң ажылык күнү Аллахтан жана Анын элчисинен элге бир жарыя: Чындыгында Аллах, Анын элчиси мушриктерди четке кагат. Эгер тообо кылсаңар өзүңөр үчүн жакшы, ал эми баш тартсаңар Аллахтан эч кутула албайсыңар. (Эй, Мухаммед!) Каапырларга сыздатуучу азап бар экенин кабарла. Бирок, келишим түзүшкөн мушриктерден кийин силерге бир да кемчилик**

---

[119] Маида сүрөсү, 58-аят

**каалабаса, бирөөгө көмөк кылбаса, анда алардын келишимдерин мөөнөтүнө чейин бүтүргүлө. Чындыгында, Аллах такыбаларды жакшы көрөт».**[120]

Жүктөлгөн милдеттерди аткаруу дагы укуктук жана моралдык сыпаттардын негизгилеринен болгон. Ошонун негизинде мусулман коому курулган. Аллах айтты: **«Чындыгында аманатты (Ислам динин) асмандар менен жерге жана тоолорго сунуш кылдык. Ошондо алар аны моюнга алуудан баш тартышты, андан коркушту. Аны адам баласы мойнуна алды. Анткени ал өтө заалым, такыр билимсиз».**[121] Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) пайгамбарчылык баштала электен мурда жана андан кийин дагы курайштар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) аны үлгүнүн жана өрнөктүн ээси болгонун мойнуна алышкан. Курайштардын арасында Аллахтын

[120] Тообо сүрөсү, 1-4-аяттар
[121] Ахзаб сүрөсү, 72-аят

элчиси Жараткан Аллахтын пайгамбары экендигине ачык багыттаган сыпат, анын миссиясы баштала электе эле чынчыл жана ишенимдүү деген лакабы тараган. Анткени, Жараткан Өз сөзүндө сыпаттагандай, чынчылдык – бул жүрүм-турум, адеп-ахлак жана моралдык сыпат. **«Чындыкты алып келген жана аны тастыктаган адамдар – мына ушулар такыбалар».**[122]

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) элдерди чын сүйлөөгө кызыктырып, бардык сахабаларына чынчыл болууга буйруп, аларды тарбиялоого аракет кылган. *«Чындыгында, чынчылдык такыбалыкка алып келет. Акыйкатта, такыбалык бейишке алып келет. Ошентип (чынчыл) адам «Эң чынчыл (адам)» деп Аллахтын алдында жазылып калганга чейин чындыкты айтат. Акыйкатта, жалганчылык күнөөгө алып келет. Күнөө болсо, тозокко алып келет. Ошентип, (кайсыл бир) адам Аллахтын алдында «Ашынган жалганчы» деп жазылып калганга чейин калп айтат», «Мунафыктын үч белгиси*

[122] Зумар сүрөсү, 33-аят

*бар: сүйлөсө жалган сүйлөйт, убада берсе аткарбайт жана аманатка кыянат кылат!»* деген асыл насааттарын калтырып кеткен.

Ал эми үй-бүлөлүк жана социалдык адеп-ахлактуулук боюнча, Ислам моралдык өкүмдөрдү түзүүдө бардык мүмкүн боло турган карама-каршылыктарды, башаламандык байланыштарды жана мамилелешүүлөрдү өзүнө камтып алган. Мына ошол себептен шариат жана анын практикалык өкүмдөрү, жеке абалдагы жана үй-бүлөлүк өкүмдөр тармагында бекитилген ачык-айкын укуктар жана чектер бар. Алардын кээ бири: жубайлардын ортосундагы байланышты жөнгө салуу; ажырашууга жана талак процессиндеги талаштарды чечүү; үй-бүлөсүнө сарптаган мал-байлыгы жана жыныстык мамиле кылуу, сүт эмизүү, балдарды тарбиялоо жана аларга кам көрүү, жубайлардын бири-бирине жоопкерчиликтүү болуулары сыяктуу мамилелерге адилетсиздик кылбаса, анда бир дагы адам кийинки тараптын укугуна кол сала албайт.

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) Аллахтын ушул мыйзамдарын жана парздарын бузуп коюудан мусулмандарды катуу эскерткен. Бакара сүрөөсүндөгү келтирилген өкүмдөр, жоболор жана аларды бузган себептүү жаза белгилери, окурманга бул өз ара мамилелердин мындай тартипке салуунун тактыгын ачыктайт. Мунун баарын Бакара сүрөсүнүн төмөнкү аяттарынан байкаса болот:

**«Аялдарына жакындашпоо үчүн ант бергендер төрт ай күтүшөт. Ал эми анттарын бузушса, албетте, Аллах – Кечирүүчү, Мээримдүү.**

**Ал эми алар ажырашууну (чындап) ниет кылышкан болсо, чындыгында, Аллах –Угуучу, Билүүчү.**

**Талак берилген (ажырашкан) аялдар үч этек кир мөөнөтүн күтүшөт. Эгер алар Аллахка жана Акырет күнүнө ишенишсе курсагындагы (жатынындагы) Аллахтын жаратканын жашыруулары (адал) эмес. Жарашууну (экөө тең) каалашса, анда аялдарын кайра алууга күйөөлөрү укуктуураак. Эркектердин аялдарында акылары болгон сыяктуу эле,**

**аялдардын да күйөөлөрүндө белгилүү акылары бар. Аялдарга караганда эркектердин даражасы артыгыраак. Аллах – Мартабалуу, Даанышман.**

**Талак (ажырашуу) эки ирет. Ошондуктан тууралык менен кармоо, же жакшылык менен ажырашуу (керек). Аларга бергениңерден бир нерсени (кайра) алуу адал эмес. Бирок экөөсү тең Аллахтын чегин сактай албай калуудан коркушса, же силер да ал экөөсү Аллахтын чегин сактай албоосунан корксоңор, анда аялдын күйөөсүнө төлөм берүүсүндө экөөнө тең күнөө жок. Мына ушул – Аллахтын чектери. Андан аша чаппагыла. Ким Аллахтын чегинен өтсө, мына ошолор – заалымдар.**

**Күйөөсү аялына талак берсе, андан ары ал башка күйөөгө тиймейинче адал эмес. Эгер ал ага талак берсе, экөөсү тең: «Аллахтын чектерин сактай алабыз» – деп ойлошуп, кайра жарашышса анда күнөө жок. Бул – Аллахтын чектери. Аны биле турган коом үчүн баяндайт.**

**Аялдарыңарга талак берсеңер, мөөнөтү жеткен учурда жакшылык менен кайра алып калгыла, же алардан жакшылык менен ажырашкыла. Аларга зыян берүү максатында кармап турбагыла. Кимде-ким ушул ишти жасаса, чындыгында өзүнө-өзү зулумдук кылган болот. Аллахтын аяттарын азил кылбагыла! Ошондой эле Аллахтын силерге берген жакшылыктарын, силерге насаат кыла турган Китепти жана даашымандыкты түшүргөнүн эстегиле! Аллахтан корккула, акыйкатта, Аллах бардык нерсени Билүүчү экенин билгиле!**

**Аялдарыңарды талак кылсаңар, күтүү (идда) мөөнөтү бүткөн соң, алар өз күйөөсү менен (жашоого) жакшылык жолдо ыраазы болуп жарашышса жолтоо болбогула. Бул –Аллахка жана Акырет күнүнө ыйман келтиргендер үчүн айтылган насаат. Бул – силер үчүн тазалык менен аруулук. Аллах билет, а силер билбейсиңер.**

**Эмизүүнүн толук болушун каалаган энелер балдарын толук эки жыл эмизишет. Ененин**

**тийиштүү азык-оокатын, кийим-кечесин жакшылык менен камсыздоо атанын милдети. Ар кимге чамасына жараша (милдет) жүктөлөт. Эне баласы себептүү, ата да баласы үчүн зыянга учурабасын. Ал эми мураскор да ушул сыяктуу (милдеттерге ээ). Эгер (наристенин) ата-энеси ыраазылык менен кеңешип ажырашууну чечишсе, анда экөөсүнө тең күнөө жок. Эгер балдарыңарды (бөтөн аялга) эмизүүнү каалasaңар, анда акысын жакшылап берсеңер – силерге күнөө болбойт. Аллахтан корккула жана билгиле: Чындыгында, Аллах силер жасаган иштериңерди Көрүүчү!**

**Араңардан кайтыш болуп, аялдарын калтырып кеткендердин аялдары төрт ай он күн күтүшөт. Алардын белгилүү (күтүү) мөөнөтү бүткөндө, алар өздөрүнө жакшылык нерселерди жасашса, анда силерге күнөө жок. Аллах жасаганыңардан Кабардар!**

**Ал аялдарга жуучулук сунушуңарды ачык айтсаңар, же купуя сактасаңар, андан күнөө болбойт. Аллах,**

**чындыгында, аларды эстегениңерди билет. Бирок, алар менен жашыруун убадалашпагыла. Бирок жакшы сөздү сүйлөшүүңөр мүмкүн. Күтүү мөөнөтү бүтмөйүнчө никелешүүнү ниеттенбегиле. Чындыгында, Аллах – жүрөгүңөрдөгүнү да билээрин унутпагыла! Андыктан, андан сактангыла. Аллах – Кечиримдүү, Жумшак экенин билгиле.**

**Силер аялдарыңарга жакындаганга чейин жана калың берүүдөн мурда ажырашсаңар, анда (ажырашуу) айып эмес. Бай байлыгына жараша, кембагал алына жараша жакшылык менен аларды ыраазы кылышсын! Бул – жакшылык кылуучуларга милдет.**

**Эгер аларга жакындоодон мурда ажырашсаңар, же калың берүүнү убада кылган болсоңор, убада бергениңердин жарымын (ага калтыргыла). Бирок аял (эркекти) кечирсе, же колунда нике түйүнү бар (талак ээси, эркек) кечирсе – ал башка. Бири-бириңди кечирүү – такыбалыкка жакыныраак.**

**Ортоңордогу жакшылыкты унутпагыла. Аллах – жасаганыңарды Көрүүчү!»**[123]**.**

Мындан сырткары, Исламда дагы башка жуучулуктан баштап, ажырашууга чейинки ар түрдүү жубайлардын жашоосуна тиешелүү болгон эрежелер айтылган. Жараткан жубайларга бири-бири менен жакшы жана боорукердик мамилелешүүнү жөнгө салууну буйруган: **«Оо, ыйман келтиргендер! Силерге аялдарды күч менен мураска алуу дурус эмес жана аларга (аялдарга) берген калыңыңарды кайтарып алуу үчүн аларды (башка эрге тийүүдөн) тосуп турбагыла. Бирок алар ачык эле бузук ишке барышса, анда калыңыңарды кайтарып ала аласыңар. Алар (аялдар) менен жакшы, туура мамиледе болгула. Эгер силер аларды жактырбасаңар да (сабыр кылгыла). Силер жаман көргөн нерседен мүмкүн Аллах андан көп жакшылыкты берээр».**[124] Бул сүрөнүн аталышы

[123] Бакара сүрөсү, 226-237-аяттар
[124] Ниса сүрөсү, 19-аят

атайын аял затын коомдун алдында даражасын жана аларга карата мамилени көтөрүү үчүн коюлган.

Шариат аял затын ар бир адамга ыйык болгон эне катары тааныштырды. Аял өзгөлөргө караганда өз балдары тараптан көбүрөөк жакшы мамилеге укуктураак. Шариатта жубайлардын жашоосу сүйүүгө, боорукердикке жана тынчтыкка негизделиши керек: **«Ага байыр алууңар үчүн өзүңөрдөн жубай жаратып, ортоңорго махабат жана мээримдүүлүк берип койгону да – Анын белгилеринен. Чындыгында, ой жүгүрткөн эл үчүн ушуларда белгилер бар».**[125] Күйөөсү аялын сүйүүгө, ал эми аял күйөөсүнө баш ийүү керектиги буйрулган. Мыйзамдуу никеден сырткары башаламандык жыныстык байланыштарды тыйган шариат өкүмдөрү орнотулган. Анткени, мындай байланыштардын аягы жаман натыйжаларды берет. Алардын кээ бири: никесиз балдардын туулуусу, атасыздык, жубайлардын мамилесинин суздашы, эркек менен аялдардын бузукулук кылуусу. Башаламандык

[125] Рум сүрөсү, 21-аят

жыныстык мамилелердин кесепетинен улам, жугуштуу жыныс дартына жана башка ооруларга чалдыгышат. Шариат зынакорлукту эң оор күнөөлөрдүн бири деп эсептеди. Анан дагы эркектерге жана аялдарга көздөрүн төмөн алып жүрүүсүн жана шариятта уруксат берген туугандарын гана кароого буйруган.

**«(Эй, Мухаммед!) Момундарга айткын: “(Ар кайсыл аялдарды карай берүүдөн) көздөрүн сакташсын жана уяттуу жерлерин (аягы суюктук кылуудан) сактасын. Бул – алардын өздөрү үчүн абдан жакшы. Чындыгында, Аллах эмне жасагандарынан Кабардар! Момун аялдарга айт: “(Ар кайсыл эркекти кароодон) көздөрүн сакташсын жана уяттуу жерлерин (аягы суюктук кылуудан) сакташсын. Сулуулуктарын көрсөтпөсүн, көрүнүп тургандан башкасын».[126]**

Бул аяттар өзүнө бардык жүрүм-турум жана моралдык сыпаттарды камтып алат. Эркекти өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрүн гана кароого мажбурлайт. Бул нерсе

[126] Нур сүрөсү, 30-31-аяттар

аялдарга дагы тиешелүү. Аял өзүнүн күйөөсү жана туугандарынан башка, бөтөн эркектерге көз салбасын. Мындай жүрүм-турум адамды ар түрдүү тыюу салынган мамилелерге алып бара турган себептерден алыс кылат. Бул жубайлардын ортосундагы ишенимдүү мамилелери үчүн профилактика болуп эсептелинет.

Аллахтын элчиси мусулман коомун мыкты моралдык жана адеп-ахлактык принциптердин негизинде куруп жатканда, адамдарга карата адилетсиз болууга жана аларга запкы чектирүү сыяктуу мүнөздөн алыс болууга эскертүүнү унуткан эмес. **«Алар силер айтып жаткандар жөнүндө силерди жалганга чыгарышты. Силер аны артка кайтара албайсыңар жана тосо да албайсыңар. Силердин араңардагы заалымдарга Биз улуу жазаны беребиз».**[127]

Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Зулум чеккен адамдын дубасынан, ал каапыр болсо дагы корккула! Анткени анын дубасы*

---

[127] Фуркан сүрөсү, 19-аят

*менен Аллахтын ортосунда эч бир парда жок»,* – деп эскерткен.

Жараткан момундарды ичи тарлыктан тыйган: **«Мүмкүн алар Аллах өз жакшылыгы менен адамдарга берген нерселери үчүн көрө албастык кылып жатышпасын? Анткени, Биз Ибрахимдин урпактарына Китеп жана акылмандык берип, аларга зор бийлик тартууладык».**[128] Аллахтын элчиси элдерди алдамчылыктан жана калптан тыйып: *«Кимде-ким алдамчылык кылса, ал бизден эмес»,* – деген. Ал эми эки жүздүүлүк боюнча Куранда: **«Азап (болсун) намаз окуучуларга. Анткени, алар намаздарын унутуп коюшкан. (Анан да) алар (намаздарын) эл көрсүнгө жасашат, жана да алар үй шаймандарын (башкаларга) бербегендер!»**[129] – деп эскерилген.

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) момундарды эл көрсүн үчүн аткаруудан айыптап: *«Мен силер үчүн корккон нерсенин*

---

[128] Ниса сүрөсү, 54-аят

[129] Маун сүрөсү, 4-7-аяттар

*эң коркунучтуусу – бул кичине ширк»,* – деди. «Оо, Аллахтын элчиси кичине ширк деген эмне?» – деп сурашканда. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Бул эл көрсүн үчүн амал кылуу»,* – деп жооп берген. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): көйрөңдүк, текебердик, кекирейгендик сыяктуу адамдар үчүн зыяндуу сыпаттарды тыюу салган. Ал (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Үч нерсе адамды жабыркатат: баш ийилген ач көздүк; ээрчитилген ышкыбоздук; адам өзүнө суктануу»,* – деген. Адам өзүнүн мал-байлыгы, ибадаты, күчү, теги же кызматы менен чиренбөөгө Аллахтын элчиси чакырган.

Адам ушул аталган нерселердин баары менен чиренбеши керек. Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!): *«Эч бир адамды анын амалы сактап кала албайт»,* – дегенде, (элдер): «Оо, Аллахтын элчиси сени дагыбы?», – деп сурашты. *«Мени дагы, эгер Аллах Өз ырайымын ыроолобосо»,* – деп жооп берди.

Пайгамбар (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) жалкоолукту жаман көргөн, ошол себептен ар дайым Жараткан Аллахтан андан коргонуп: *«Оо, Аллах! Мен сенден алсыздыктан, жалкоолуктан, ач көздүктөн, алжып калуудан жана коркоктуктан сактоо сураймын»,* – деп дуа кылаар эле.

Балким бардык адамзаттын коомуна берилген эң баалуу нерсе - бул убакытка кам көрүү. Анын ичинде: өз убагын тартипке салуу; күндүзгү иш менен түнкү эс алууну айырмалап билүү; бош убакытты пайдалуу өткөрүү; убакытты курулай жана пайдасыз өткөрүүдөн тыйылуу сыяктуу амалдар кирет. Ушуга байланыштуу ар бир намаздын убактылары так белгиленген. Бул нерсе Ислам убакытка кам көргөндүгүнө эң жакшы көрсөтмө боло алат. Ислам адамды убагын так бөлүштүрүүнү, анын ичине зарыл болгон ибадаттарды жана дүйнө иштерин, андан сырткары адамга эс алууга керектүү убакты дагы кошуп аткарууга мажбурлайт.

Аллахтын элчисинин доорундагы анын өмүрүнүн аягына чейинки уланып турган бул ибадат өкүмдөрү, адеп-ахлак тажрыйбасы, коомчулукту бириктирүү аракети, пайгамбарды (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) жана Кудуреттүү Аллахтын буйруктарын сүйүүгө жардам берди.

Мунун таасири бир гана пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын ырайымы жана тынчтыгы болсун!) доору менен чектелбеши түшүнүктүү эле. Анткени Жараткан Аллахтын мындай бекем негиздери мусулман коому жана бүткүл адамзаты үчүн азыркы учурга чейин берилген.

Алла таала аны элчи катары жиберип ыймандуу пенделерин сыйга бөлөдү. Ошондой эле аны бүт ааламга ырайым катары жиберди. Анын жолун карманган адам – Кудайга мойун сунган болот.

Ал өз доорундагы окуяларга үй-бүлөсү менен аралашып, ага күбө болгон замандаштары андан таасир алып, үммөткө из калтырышты. Нечендеген падышалар өтүп, аты унутулуп, эл-журттун көөдөнүнөн түнөк тапкан эмес. Кайсы бир өлкө бир мезгил өнүгүп, кийинчерээк алсырап, доор өткөн соң унутта калып, же биротоло жок болгон. Ал эми Жараткан анын ысымын кыяматка чейин унутулгус, аздектеп койду. Ал жүрөктөрдө гана эмес, жашоодо да үлгү катары сакталууда. Аны жакшы көрүү ар бир мусулманга милдет. Акыйкат менен чар тараптуулукту өзүнө камтыган өмүр баяны китеп беттерине түшүрүлүп, жалпы элге таанымал. Кала берсе душмандары да ага сый мамиле жасашкан. Андыктан, ал жөнүндө нечендеген китеп, макалалар жазылса, мындан ары да кыяматка чейин улана бермекчи. Анткени, мээрим-ырайымдуулук, адилеттүлүк жана Кудайдан коркуу сезимин өз ичине камтыган өмүр баяны ар бир пендеге өрнөк-мисал боло алат.

Китептин аталышы: Үлгүлүү коом

Автор: Устаз/доктор Абдулазиз бин Ибрахим Умрий

Биринчи басылыш: 1440-х.ж. – 2019-ж.

Тел: +966112746677

+966112746688

Факс: +966112759020

Бул китепти – электрондук же механикалык – кайсы абалда болбосун бастырууга, көчүрүүгө уруксат. Ошондой эле бурмалап-өзгөртпөстөн жаздырып, сактап алууга да уруксат берилет.

Китеп Pdf абалында төмөнкү электрондук даректе сакталган:

(http://omaryforum.com)